N 11

Жаңы дайындоо:

**РЕФОРМАЛАР ТОКТОБОШУ КЕРЕК**

3





**ЖАҢЫ ДООРДОГУ БИЛИМ БЕРҮҮ:**

**БЕКТЕМИР МУРЗУИБРАИМОВДУН ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ ЖАНА ТАБЫЛГАЛАРЫ**

10-11




# Кут Билим

http://www.kutbilim.kg

2022-ЖЫЛ, 7-ОКТЯБРЬ №37 (10974)

КООМДУК-ПЕДАГОГИКАЛЫК, ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ БАСЫЛМА / ОБЩЕСТВЕННО-ПЕДАГОГИЧЕСКОЕ, НАУЧНО-ПОПУЛЯРНОЕ ИЗДАНИЕ


**Жыл мугалими – 2022!**

# ЖАҢЫЧЫЛ МУГАЛИМДЕР АЛДЫГА ЧЫКТЫ

***"Жылдын мыкты мугалими – 2022" сынагында биринчи орунду Ош шаарындагы №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейинин математика мугалими Нурсултан Акылбек уулу, экинчи орунду Бишкек шаарындагы №68 ОТКнын информатика мугалими Гүлзат Мукамбетова, үчүнчү орунду Жалал-Абад шаарындагы №5 мектеп-гимназиянын химия мугалими Максат Абилов ээлешти.***





8




**ОШ БЫЙЫЛ ДА АЛДЫГА ОЗДУ**

9




**НАРКТУУЛУК БАЛА КЕЗДЕН БАШТАЛАТ**

12



## «ДИНДЕРДИН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ» КАНДАЙ ОКУТУЛАТ?




6-7



**БАЛДАР ҮЙҮНДӨГҮ ЫПЫСЫК НАН ЖАНА ЫКТЫЯРЧЫЛАР**

14

# 5-ОКТЯБРЬ – МУГАЛИМДЕРДИН ЭЛ АРАЛЫК КҮНҮ



***Жыл сайын 5-октябрда дүйнөнүн жүздөн ашык өлкөсү Мугалимдер күнүн белгилейт. Бул күнү мугалимдердин өсүп келе жаткан муундун билим алуусуна жана тарбиялоого кошкон салымы даңазаланат.***

2020-жылдагы статистикага таянсак, Кыргызстандын калкынын тогуз пайыздан ашыгы билим берүү чөйрөсүндө эмгектенет. 82 миңден ашык мугалимдин 24 миңи шаарда, 58 миңге жакыны айыл жеринде иштейт. Алардын 87 пайыздан ашыгы жогорку билимдүү.

Учурда республикада мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү, баштапкы, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарында 113 миңден ашык педагог эки миллионго жакын балдарды, окуучуларды жана студенттерди тарбиялап жана окутуп келет.

Жалпы билим берүү уюмдарында бир мугалимге орточо 16 окуучу туура келет. Мында шаардык жана айылдык мектептердин мугалимдеринин жүгү кыйла айырмаланат. Эгерде шаарлардын мектептеринде бир мугалимге орточо 20 окуучу, ал эми айылдардын мектептеринде – орточо 15 окуучу туура келет.

2020/2021-окуу жылында республика боюнча алты миңге жакын студент педагогикалык адистигин бүтүрүп чыкты.

Республикабыздын жогорку кесиптик окуу жайларында ар бир алтынчы студент педагогикалык кесипти тандаган.

# КАРЫСЫ БАРДЫН ЫРЫСЫ БАР

***Ала-Бука районундагы Өрүктү айыл өкмөтүнө караштуу Абдрахман Жуманазаров атындагы жалпы билим берүү мектебинин 9-«б» классынын окуучулары айылдын улуу муунун Карыялар күнү менен куттуктады.***



Бул маанилүү иш-чаранын демилгечиси, англис тил мугалими Сатарова Чолпон элеттик жаштарды жаштайынан улууларды урматтоого, кичүүлөрдү ызааттоого тарбиялоо мектептеги тарбия ишинин өтө маанилүү багыттарынын бири деп эсептейт.

– Бүгүн биз классыбыз менен айылдагы карыялардын үйүнө барып, белектерибизди берип, аз да болсо аларды кубанычка бөлөдүк. Апалар ыраазы болуп, балдарга ак баталарын беришти, – дейт тарбиячы Сатарова Чолпон.

# АРДАКТУУ КЕСИПКЕ АРНАЛДЫ



***Мугалимдердин кесиптик майрамына карата Кара-Көл шаарындагы Токтогул атындагы №1 мектеп-гимназиясынын кыргыз тили жана адабияты мугалими Жумаканова Улара 6-«Г» класска «Мугалим-мөмөлүү дарак» деген темада класстык саат өттү.***

Сабактын жүрүшүндө мугалим окуучуларга мугалимдик кесип ары ардактуу, ары түйшүктүү кесип экендигин түшүндүрдү. Окуучулар акындардын ырларынан көркөм айтышып, «Келечекте мен кандай мугалим болом?» деген темада жазган дилбаяндарын окуп беришти.

Сабактын соңунда окуучулар талыкпастан изденип, билим-тарбия берген мугалимдерди сыйлоо керектигин бир добуштан айтышты.

# АСТАНАДАГЫ СЪЕЗДДЕ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮКТҮРҮҮ СТРАТЕГИЯСЫ ТАЛКУУЛАНУУДА

***2022-жылдын 5-октябрынан 7-октябрына чейин Астана шаарында "Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин жаңы реалдуулукта билим берүүсү жана постпандемиядан кийинки мезгилде билим берүү процессинин трансформациясы" темасында мугалимдердин жана билим берүү кызматкерлеринин VII съезди өтүүдө.***

Кыргызстандын делегациясынын курамында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, мугалимдер, тарбиячылар жана билим берүү уюмдарынын жетекчилери бар.

Съезддин салтанаттуу ачылышында кыргыз делегациясынын башчысы, министрликтин эл аралык кызматташуу жана өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн башкы адиси Эрлан Кожоев министрликтин жетекчилигинин атынан кайрылуу сөзүн сүйлөдү. Делегациянын өкүлдөрү Эл аралык педагогикалык чеберчилик фестивалына катышууда.

Съезддин ишине Армения, Беларусь, Казакстан, Тажикстан, Россия, Кыргызстандын алдыңкы мугалимдери жана билим берүү системасынын өкүлдөрү катышууда.




# КАРА-КӨЛДӨ МУГАЛИМДЕР СЫЙЛАНДЫ

***Быйыл агартуучулардын кесиптик майрамы энергетиктер шаарында эсте каларлык өттү. Бул ирет шаар жетекчилери ар бир мектепке барып, мугалимдер жамаатын куттуктап, алдыңкыларга сыйлыктарды тапшырды.***

Бул күнү мугалимдердин кубанычы чексиз болду. Кара-Көл шаарынын мэри Т.Конкобаев, шаардын вице мэри Г.Сатарова, Кара-Көл шаардык кеңештин төрагасы К.Батыркулов, Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы п.и.к. А.Мырзалиева жана ШБББ өкүлдөрү агай-эжейлерден жакшы сөзүн аяшкан жок.

Агартуу алдыңкыларына Жогорку Кеңештин депутаты К.Сулаймановдун «Ыраазычылык каты», КР Борбордук шайлоо комиссиясынын «Ардак грамотасы», КР Билим берүү жана илим министрлигинин «Ардак грамотасы», «Билим берүүнүн мыктысы» төш белгиси, шаардык мэриянын «Кара-Көл шаарына ак эмгеги үчүн» медалы, шаардык мэриянын «Ардак грамотасы», шаардык кеңештин «Мыкты инсан» төш белгиси, шаардык кеңештин «Ардак грамотасы», ШБББ «Ардак грамоталары» тапшырылды.

А.АЛИБЕКОВ, «Кут Билим»



*Ушул жумада Билим берүү жана илим министрлигине жетекчи болуп Уланбек МАМБЕТАКУНОВ келди.*

# РЕФОРМАЛАР ТОКТОБОШУ КЕРЕК



Жаңы министрди жамаатка тааныштырып жатып, Министрлер Кабинетинин төрагасы Акылбек Жапаров билим тармагындагы башталган реформалар токтотулбай, улана берерин билдирди.

– Биз көпкө кеңешип, Уланбек Мамбетакуновдун кандидатурасына токтолдук. Анын талапкерлиги Жогорку Кеңешке киргизилди. Бүгүн, эртең депутаттар макулдугун айтып, колдоп берет деген ишенимдебиз. Экинчиден, бул тармакта башталган эң жакшы реформалардын темпи бузулбай, ишке аша бериши керек. Мисалы, 12 жылдык билим берүүдөн баш тартпайбыз. Мына, беш жогорку окуу жайына жаңы макам бергенбиз. Алар кыска убакытта дүйнөлүк рейтингде алдыда турган ЖОЖдордун катарына кошулушу кажет. Балдарыбыз төрт тилде эркин сүйлөп, ден соолугу чың, атаандаштыкка туруштук бергендей билим, тарбия алышы зарыл, - деди А.Жапаров.

Төрага ошондой эле билим берүү тармагына техникалык модернизация жүргүзүүгө казынадан 4 млрд. сом акча каражаты каралганын белгилеп, аны эффективдүү пайдалануу керектигине, билим тармагынын ар тараптуу өнүгүүсүнө бардык шарттар түзүлүп жаткандыгына токтолуп келип, жаңы министрди кызмат орду менен куттуктап, ишине ийгилик каалады.

Билим берүү жана илим министрлигинде жетекчинин алмашуусу бул тармакта комплекстүү реформалар активдүү жүрүп жаткан учурга туура келди. Эң оболу билим берүүнүн мазмунун жаңы шартка ылайык өзгөртүп жаңыртуу аракети көрүлүп жатат. Ошондой эле билим берүүнү башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу дагы орчундуу милдет болуп турат. Бул максатта эгемендик жылдары биринчи жолу мектеп директорлору конкурстук жол менен тандалып алынууда.

Жогорку билим тармагында беш алдыңкы университетке өзгөчө макам берилип, аларга билим берүү жана илим менен катар бизнес жана өндүрүштү кошо алып кетүү, дүйнөлүк беш жүз алдыңкы университеттин катарына кирүү талабы коюлууда.

Ал эми илим тармагында академиялык илим менен жогорку окуу жайлардагы илимий ишмердикти интеграциялоо, илимпоздордун эл чарбасын өнүктүрүүгө салымын жогорулатуу багытында реформалык иштер башталды.

Уланбек Мамбетакунов мурдагы министрдин командасындагы ишмер катары бул реформаларды ишке ашырууга активдүү катышып жаткан эле. Эми жогорку жактан саясий колдоо болуп жатканда, министрликтин аппараты реформалык өзгөрүүлөрдү ишке ашырууга күүлөнүп алган мезгилде, башталган активдүү аракеттер токтобой, темпин жоготпой алдыга жыла берет деген үмүт тилек чоң.

## ТЫНЫМСЫЗ ИЗДЕНГЕН ИНСАН

Жаңы министрдин баскан жолу, алган тажрыйбасы байманалуу, ары узак. Ал жаш болгонуна карабай билим менен илимдин арыгын чоң кылып чаап, өз изин салган инсан. Биз анын айрымдарына гана токтоло кетели деп чечтик.

Педагогика илимдеринин доктору Уланбек Мамбетакунов КМУнун физика-техникалык факультетинде билим алган. Ал эмгек жолун катардагы физика мугалими болуп иштөөдөн баштаган. Андан соң бир катар ЖОЖдордо окутуучу, кафедра башчысы, менеджер, декан, директор, доцент, Кыргыз билим берүү академиясынын вице-президенти болуп иштеген. Евразия, Абай атындагы Казак улуттук педагогика, Эл аралык Плато, Адам университеттеринин профессору. Көрүнүп тургандай, У.Мамбетакунов – мектептен баштап ЖОЖдорго чейинки жолду ийгиликтүү басып өткөн, бул тармактын көйгөйлөрүн жон териси менен сезе билген, аны чечүүнүн жолдорунун үстүндө тынымсыз изденип иштеген окумуштуу. Анын мектептеги, илимдеги бай тажрыйбасы эл аралык абройлуу долбоорлорду Кыргызстандын шартында ишке ашырууда зор роль ойноду. У.Мамбетакунов билим берүүнүн стратегиясын, стандарттарын, окуу пландарын, окуу китептерин, ондогон окуу программаларын иштеп чыгууда, изилдөөдө өз салымын кошуп келет. Жаш мугалимдерди, жаш окумуштууларды өстүрүүдө да алардын башын кошуп, алдыга сүрөп, ар кандай түзүлгөн кеңештерин жетектеп, көмөгүн көрсөтүүдөн тайбайт. Ушундан улам жаңы министр жөнөкөй мугалимдердин жана жаш окумуштуулардын да эң жакын адамына, кеңешчисине, устатына айланып, бул чөйрөдө да чоң кадыр-баркка ээ боло алды.

У. Мамбетакунов – Жогорку аттестациялык комиссиянын педагогика боюнча эксперттик комиссиянын орун басары, антиплагият боюнча кеңештин мүчөсү, информатика илимдеринин кандидаты. ЖОЖдордогу, мектептердеги аттестациялык комиссиялардын төрагасы болуп келгендиктен кесиптик билим берүүнүн азыркы милдеттерин жакшы билет. Зирек, алдына көрө билген окумуштуу кечээ эле асмандан түшө калган жок. Ал Москвадагы, Филиппиндеги, Италиядагы, Индиядагы, Кытайдагы, Түркиядагы, Польшадагы дүйнөлүк рейтингде алдыңкы сапта турган университеттерде кесиптик квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүп келген. Ал тургай аталган окуу жайлардын айрымдарында лекция окуду, илимий иштерин жүргүздү.

Улан Мамбетакунов – КР Өкмөтүнүн "Алтын дипломунун", Европа илимий өндүрүштүк консорциумунун М.Ломоносов медалынын, "Илимдин мыктысы", "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгилеринин, ардак грамоталардын ээси. Кыргыз, орус тилдеринен тышкары англис тилинде эркин сүйлөй билет.

### БИЛИМ ТАРМАГЫНЫН ЗАМАНБАП АДИСИ

**Советбек БАЙГАЗИЕВ,**
**КР эл жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор:**

– Уланбек белгилүү педагог илимпоз Эсенбек Мамбетакуновдун уулу. Ал билим берүүнүн күңгөй-тейкейин мыкты билген заманбап адис. Анын окумуштуу, жетекчи катары калыптануусу менин көз алдымда өттү. Уюштуруучулук жөндөмү, жетекчилик таланты бар, лидерлик сапатка эгедер инсан. Кыргыз билим берүү академиясында иштеп турганда билим берүүнүн стандарттарына, окуу пландарын түзүүгө жетекчилик кылган, илимий иштерди мыкты уюштурган, нагыз жетекчилик сапаттарын көрсөткөн.

У.Мамбетакуновдун бир өзгөчөлүгү – ал компьютердик технология боюнча адис, санариптик технологияны жакшы өздөштүргөн кесипкөй окумуштуу. Министр европалык маданиятты да, кыргыз маданиятын да терең билген көп тилдүү инсан. Ошондуктан Улан Мамбетакуновду министрлик милдетти аткарууга толук даяр, татыктуу адис деп эсептейм. Ал чет өлкөлүк долбоорлор менен да көп иштеди. Мектептин, ЖОЖдордун, илимий-педагогиканын көйгөйлөрүн жакшы түшүнөт.

Уланбек дүйнөлүк мейкиндикте болуп жаткан билим берүүдөгү инновациялык өзгөрүүлөрдү кылдат талдап турган, чет өлкөлүк тажрыйбаларды, жергиликтүү билим берүү маселелерин ийне-жибине чейин билген адис. Мына ушундай сапаттары бар болгондуктан бул тармакты жетектеп, ийгиликтерге жетишет деген үмүттөмүн.

### КӨРӨҢГӨСҮ ДА, ДАРАМЕТИ ДА ЖЕТИШТҮҮ

**Алмазбек ТОКТОМАМЕТОВ,**
**Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун директору:**

– Улан Мамбетакуновду мурда мен сыртынан гана таанысам, Кыргыз билим берүү академиясына президент болгондо, илимий көрөңгөсү, эл аралык тажрыйбасы бар жаш кадрларды өстүрүү максатында вице-президент кызматына чакырдым эле. Албетте, ал каражат жагынан жоготорун жакшы түшүндүм. Анткени жогорку окуу жайында иштеп, жаш, дараметтүү, англис тилин жакшы билген адис катары эл аралык долбоорлор менен эркин кызматташуу материалдык жагынан алда канча пайдалуу болорун жакшы билет элем. Мен да жаңы гана 33 талапкердин ичинен жеңип чыгып, эл аралык долбоорго өткөн жерден Кыргыз билим берүү академиясына президент болуп келгенимде, 8,6 эсе (% эмес) төмөнкү айлыкка отургам. Улан Эсенбекович да идея үчүн, билим берүүгө кандайдыр бир салымымды кошо алам деген ишенимде келгенин эң жакшы түшүнөм. Мен ротация менен которулуп кеткенге чейин биз бири-бирибизди жакшы түшүнүшүп иштештик, андан кийин да жакшы кызматташтык.

Бул жылдарда Улан Эсенбекович жаштык жигер, эл аралык тажрыйба менен бирге билим берүү системасында жакшы практикадан өттү, Мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты баштаган ченемдик укуктук документтерди, учурда абдан актуалдуу болуп жаткан информатика боюнча предметтик стандартты, окуу программасын, окуу китептерин, окуу материалдарды иштеп чыгууга активдүү катышты.

Министрдин орун басары катары бул иштерди андан ары улантып, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын долбоорун даярдоого катышып, билимин да, тажрыйбасын да бекемдеди деп айтсак болот.

Мындан эки жарым жылдай мурда мурдагы министрдин демилгеси жана жетекчилиги менен чакан топ Кыргызстанда Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясынын долбоорун жарым жылдай ишемби, жекшемби күндөрү иштеп чыктык эле. Бул иштер да Улан Эсенбековичтин адистик чеберчилигин, дараметин арттырганга өболгө түздү деп ойлойм. Ал документ Билим берүүнү өнүктүрүү концепциясынын долбоору учурда иштеп жаткан Кыргыз Республикасында 2021-2040- жылдарга карата билим берүүнү өнүктүрүү программасына негиз болуп, андагы бир топ идеялар учурда ишке аша баштады деп айтсак болот. Акыркы кездеги билим берүү жаатындагы реформалар бул жараянды тездетти. Эми билим берүү жаатындагы реформалар мындан ары да жигердүү уланат деп ишенем.

### МИНИСТРЛИККЕ ТАТЫКТУУ ЖЕТЕКЧИ КЕЛДИ

**Салидин КАЛДЫБАЕВ,**
**Педагогика илимдеринин доктору, профессор**

– Уланбек Мамбетакунов КМУну аяктап, окутуучу адистигине ээ болгондон бери педагогдук кесиптин ар тараптуу багыттарында эмгектенип келди. Он жылдан ашык Бишкек шаарынын мектептеринде жана лицейде мугалим болуп иштеп, жөнөкөй мугалимдик кесиптин ички механизмин өздөштүрүп, тажрыйба топтоду. Андан кийин бир катар жогорку окуу жайларында окутуучулук кызматты аркалоо менен катар, билим берүүнү өнүктүрүүгө арналган бир нече долбоорго дагы катышып, өз тажрыйбасын өркүндөттү. У.Мамбетакунов бир катар эл аралык билим берүү программаларынын стипендиаты. Конок профессор катары, Казак мамлекеттик педагогикалык университетинде, Евразия университетинде, Италиянын Плато университетинде, постдокторлук илимий иштери менен Италиянын Лаквила университетинде маңыздуу лекцияларды окуду. 2011-жылы Фулбрайт программасынын стипендиаты болуп, Индиана штатында илимий иштерин улантты. Улан Эсенбекович окутуучулук, илимий иштер, билим берүү программаларын ишке ашыруу иштери менен кошо жетекчилик кызматтарда дагы бир кыйла тажрыйба топтоду. Билим берүүнүн 2030-жылдарга чейин өнүктүрүүнүн концепциясын жумушчу топ менен кошо иштеп чыкты. Анын эмгектери Кыргызстанда эле эмес, Россия, Казакстан жана башка бир нече өлкөлөрдө жарыяланган. Учурда ал 5 монографиянын, 100дөн ашык илимий макалалардын, мектептик «Физика», «Информатика» окуу китептеринин автору. Уланбек Эсенбекович катардагы мугалимден тажрыйбалуу окумуштуу, дасыккан жетекчи катары калыптанды, билим берүүнүн бардык баскычтарында тажрыйба топтоду. Демек, Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине татыктуу жетекчи келди деп айтууга толук негиз бар.

Майрамбек ТОКТОРОВ, "Кут Билим"

# ДИРЕКТОРЛОРДУ ТАНДОО СЫНАГЫ. ЭКИНЧИ АЙЛАМПА

***Өлкө президенти Садыр Жапаров мектеп директорлорун сынактын негизинде тандоо жөнүндө жарлыкка быйыл 12-июлда кол койгону белгилүү. Бул жарлык кандай жагдайда жаралды, тандоонун биринчи жана экинчи айлампалары кандай жыйынтыктарды көрсөттү, ушуга кыскача токтоло кетели.***

Президенттин жогорудагы жарлыгы баарынан мурун биздин коомдо «заманбап башкаруу көндүмдөрүнө ээ, иш билги директорлор жетекчиликке келсе, мектептеги окуучулардын билим сапаты жогорулап, мугалимдердин кесипкөйлүгү өйдөлөйт беле» деген үзүлбөгөн үмүттү жаратты.

Мурда кандай эле? Эгемендиктин отуз жылында биздин өлкөдө беш президент, отуздан ашуун премьер-министр алмашканы менен, мектепте отуз, жыйырма жылдан бери бир орунда жылбай иштеп келген кол тийбес мектеп директорлору аз эмес санда болду.

Албетте, алардын арасында ичинде өз ишин мыкты билгени, мектепти ар тараптан өнүктүрө алган алдыңкысы да учурабай койбойт. Ушундай тажрыйбалуу жетекчилердин өрнөгүн алып калуу үчүн директорлорду конкурстук негизде тандоо тууралуу жобого өзгөртүү киргизилип, пенсия жашындагы директорлорго да сынакка катышууга уруксат берилди.

Ошентип, президенттин жогорудагы жарлыгына ылайык бир мектепте беш жылдан ашык иштеп келген миңге чукул директорлор кызматтан алынды.

Бул жооптуу ишти аткаруу Улуттук тест борборунун кызматкерлерине жүктөлүп, алар конкурстук тандоону эки турда уюштурду. Биринчи турда мектепте кеминде жети жылдык иш-тажрыйбасы бар талапкерлер жободогу талаптарга ылайык өз документтерин онлайн жүктөөгө тийиш болчу.

Улуттук тест борборунун адистеринин айтымында, айрым талапкерлердин санарип көндүмдөрүнүн чабалдыгынан улам ушул жөнөкөй жумуш бир топко аксады. Мисалы, мектепте жетекчи болуп беш-он жылдап иштеп эле жүргөн талапкерлер документти өздөрү жөнөтпөстөн, бул жооптуу ишти башка бирөөгө тапшырып, же башка бирөөнүн почтасын пайдаланып, натыйжада комиссияда суроолор жаралганда, талапкер менен кайтарым байланыш үзгүлтүккө учурады.

Ушундай түшүнбөстүктөр менен коштолгон тандоо иши август айына барып, өлкө боюнча башталды. Бирок алгачкы пилоттук тандоо июль айынын этегинде Таласта өтүп, анда төрт талапкердин ичинен 60 босоголук пайыздан жогору балл алган Айгүл Орозалиева жеңүүчү деп табылган болчу.

Биз бул жагымдуу жаңылыкты «Кут Билимдин» окурмандарына өз убагында жеткиргенбиз. Өлкөнүн тарыхында биринчи жолу тест аркылуу тандалып алынган талапкерди телефон аркылуу куттуктаганым эсимде. Ошондо таң калганым, өзүнүн жеңишине жеңүүчү жүрөк жарыла кубанган эмес. Тескерисинче, анын жообу мени ойго салган эле. «Компьютер менин билимимди гана текшерди, ал эми иш жүзүндө мектепти жетектеп кете аламбы, муну эми убакыт көрсөтөт», - деп жооп берген ал.

Азыр Айгүл айымдын ийгиликтүү иштеп жатканында эч шегим жок. Анткени баарлашып отуруп, маектешимдин теориялык билими, даярдыгы, тажрыйбасы, жана эң башкысы, жоопкерчилик сезими жетик экенин байкагам.

Анткен менен, биз бардык эле талапкерлер тандоо ишине жоопкерчилик менен мамиле кылды дегенден алыспыз. Бир тобунун документтери толук болбой, мектепти өнүктүрүү планы баш-аягы жок түзүлгөндүктөн калган үчүн биринчи турдан өтпөй калганы биздин жогорудагы оюбузду бекемдеп турат.

Арасында тандоо сынагынан өтүп алып, «мен өз күчүмдү эле сынап көрөйүн дегем» деп директорлуктан баш тарткандар, эң көп балл топтоп, тесттен ийгиликтүү өткөнү менен экинчи орунда калган мурунку директорго өз ордун берерин айтып, Тест борборунун адистерин убара кылгандар да учурабай койбоду. Эң эле кызыгы, алар кийинки күнү Улуттук тест борборуна кайрадан телефон чалып, «өзүм иштейм, мени туш тараптан кысымга алышты» деп даттанганы сынактын уюштуруучуларына түшүнүксүз болду.

Тандоодогу мына ушундай кемчиликтерден улам Жалал-Абадда 11-августта өткөн сынактын жыйынтыгы менен 46 мектепке жаңы жетекчи араң тандалып, облуста дагы 112 орун бош калды. Мектеп директорлугу үчүн сынакка Жалал-Абаддан 220 талапкер катышкан болсо, алардын 61и босого баллды топтогон. Бир мектепке талапкерлигин койгон бир нече жаран тесттен өтсө, эң жогору упай алганы жетекчиликке тандалды.

13-августта Ош мамлекеттик университетинде Ош облусундагы мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына компьютердик тестирлөө өткөрүлүп, 541 жаран документтерин тапшырган. Сынактын биринчи этабында 169 талапкер документтерин толук тапшырбай, экинчи баскычына өтпөй калган.

Тестирлөөгө кирүүгө 372 талапкер укук алып, 13 катышуучу келбей калгандыктан, 359 жаран тест тапшырып, 88 талапкер босого жана андан жогору балл алган. Бул катышуучулардын 25%ын түздү.

Мектеп директорлугу үчүн сынакта Ош шаарында 11, Бишкекте 42 билим берүү мекемесине жетекчи дайындалды. Ошто тестирлөөгө 31 талапкер катышып, 14ү босого баллды топтогон. Борбор калаада мектеп жетекчилиги үчүн конкурска 129 жаран катышкан.

Тестирлөөнүн биринчи айлампасында республика боюнча жалпы тестирлөөнүн жыйынтыгы менен облустардагы 966 бош орундун 413үнө жаңы жетекчилер тандалды. Учурда экинчи айлампада 553 бош орунга сынак жүрүүдө.

27-сентябрда Чүй жана Талас облустарындагы мектептердин директорлорунун бош кызмат орундарын ээлөөгө компьютердик тестирлөөнүн II айлампасы өттү.

Талас облусу боюнча конкурстун II айлампасына катышуу үчүн 109 талапкер документ жиберип, андан 96 адам тестирлөөгө катышуу укугун алган.

Талас мамлекеттик университетинде өткөн тестирлөөгө жалпы 93 адам катышып, 3 талапкер сынакка келген жок. Жыйынтыгында 45 талапкер босого балл же андан жогору упай топтоду. Бул катышуучулардын 43,2%ын түзөт.

Ал эми Чүй облусу боюнча II айлампага 180 адам документ жиберген. Анын ичинен 26 талапкер документтердин толук пакетин тапшырган эмес. Мындан улам 154 адам тестке катышуу укугуна ээ болуп, анын ичинен 146 адам тестке катышып, 8 талапкер сынакка катышпады. Тестирлөөнүн жыйынтыгы менен 71 талапкер 60 пайыздык чектен жогору упай алды. Бул катышуучулардын 48,6%ын түзөт.

30-сентябрда Ысык-Көл жана Нарын облустарынын мамлекетик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарын ээлөөгө компьютердик тестирлөөнүн II айлампасы өттү.

Ысык-Көл облусунда II айлампага катышуу үчүн 132 талапкер документ жиберип, андан 99 адам тестирлөөгө катышуу укугун алган. 33 талапкер документтердин толук пакетин тапшырбаганы үчүн тестке катышуу укугу берилген жок. Сынакта 39 талапкер босого балл же андан жогору упай топтоду. Бул катышуучулардын 42,8%ын түзөт. Ал эми Нарын облусу боюнча тестирлөөнүн II айлампасына 76 адам документ жиберген. Анын ичинен 20 талапкер документтердин толук пакетин тапшырган эмес. Ошондуктан, 56 адам тестке катышуу укугун алган. Нарын мамлекеттик университетинин башкы имаратында өткөн тестирлөөгө 50 талапкер катышып, алтоо тестке келген эмес.

Тестирлөөнүн жыйынтыгы менен 18 талапкер 60 пайыздык чектен жогору упай алды. Бул катышуучулардын 64%ын түзөт.

Улуттук тест борборунун адистеринин маалыматы боюнча, буга чейинки тестирлөөдө өтпөй калган талапкерлер да кайрадан катыша алат.

Директорлук үчүн ат салышуу, албетте, Бишкек шаарында курч мүнөздө өттү. Анткени ата-энелерден мыйзамсыз акча чогултуу фактылары эгемендик күнүнөн бери карай борбор калаада башка аймактарга салыштырмалуу арбын учурады. Элиталык деп эсептелген окуу-материалдык базасы мыкты билим берүү уюмдары да борбор шаарда көбүрөөк экени баарына маалым. Жылына ЖРТда жоон топ Алтын сертификат ээлерин өлкөгө таанытып жаткан айтылуу Е.Б.Якир атындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексине ким директор болуп келет деген суроо коомчулуктун бүйүрүн кызытты. Конкурстук тандоого караманча каршы чыккан, кийин паракорчулук үчүн кармалып, үй камагына чыккан мурунку директорду тестирлөөнүн жыйынтыгы менен талапкерлердин арасынан эң көп балл алган физика-математика илимдеринин доктору Усекеев Эрмек опоңой алмаштырды.

Мурдатан майнаптуу иштеп келген Т.Сатылганов атындагы №69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын директору Атаева Сайрагүл менен №70 мектеп-гимназиясынын директору Жунушева Чолпон сынакта тиешелүү балл топтоп, өз ордунда калды.

Ал эми директорлук кызматта узак жылдар иштеп келген Светлана Керимкулова, Канымжан Оморова, Замира Токтогулованын ордуна тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча №67 мектеп-гимназиясына Джумалиева Нургүл, №68 мектеп-гимназиясына Рыспаева Чолпон, №55 жалпы билим берүү орто мектебине Садырова Асел жетекчи болуп дайындалды.

Ак-Өргө конушундагы Ж.Садыков атындагы №84 жалпы билим берүү орто мектебине Рысбекова Дилбара тестирлөөнүн аркасында жетекчи болуп келди. Бул мектепти буга чейин ак эмгегинин акыбети аркылуу Эмгек сиңирген мугалим наамына жеткен мыкты педагог Динара Иманалиева жетектеп жүргөн эле.


Быйыл эле окуткан окуучуларынан жана алардын ата-энелеринен кысым көрүп, интернетте талкуу жараткан Аламүдүн районунун Лебединовка №1 мектебинин тарых мугалими Садырбаева Жылдыз тестирлөөнүн жыйынтыгы менен борбордогу №38 мектеп-гимназия окуу-тарбия комплексине директор болуп дайындалды. Бул быйылкы тандоонун эң чоң жаңылыгы болду.

Учурда биринчи сынактын жыйынтыгынан кийин Ошто 6, Бишкекте 20 орун бош турат.

Билим берүү адистери, коомчулук өкүлдөрү мектеп директорлорун конкурстук негизде тандоо боюнча Жобонун өзүндө так эместиктер бар экенин айтышууда. Мисалы, кээ бир жерлерде бир орунга ат салышкан беш-алты талапкер босого баллынан өткөн учурлар бар. Жобого ылайык булардын эң көп балл топтогону директор болуп дайындалууда. Калганынын тагдыры кандай болот, бул жагы бүдөмүк.

Сынактан өтпөй калгандар кайра-кайра документ тапшыра бергени да түшүнүксүз.


Ошентсе да, мектеп директорлорду конкурстук негизде тандоо кадамдары туура багытта кетип баратканын моюнга алып, анын ийгилигине азыртан ишенип, демилгени колдон келишинче колдоп туралы.



А.АЛИБЕКОВ, «Кут Билим»

# ЖАҢЫ ПРЕДМЕТ РУХИЙ ДҮЙНӨНҮ БАЙЫТАТ

***РЕДАКЦИЯДАН:** Коомчулукка белгилүү болгондой, үстүбүздөгү жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин «КРнын жалпы билим берүү уюмдарында «Диндердин өнүгүү тарыхы» предметин киргизүү жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу максатында «Диндердин өнүгүү тарыхы» курсу боюнча Республикабыздын жалпы билим берүү уюмдарынын 7, 8, 9-класстары үчүн жаңы предметтик стандарт иштелип чыккан. Предметтик стандарт Кыргыз билим берүү академиясынын Окумуштуулар кеңешинин чечими менен жактырылган. Жаңы окуу жылынан баштап аталган предмет окутула баштады. Алгачкы окуу китебине коомчулукта ар түрдүү пикирлер болуп жаткандыктан, биз жаңы предметтин даярдалышы, мектептерде окутулушу тууралуу аталган министрликтин Китеп басып чыгаруу секторунун башчысы Самат Тоялиевге кайрылып, төмөндөгү маалыматтарды алдык.*



### ОКУУ-УСУЛДУК КОМПЛЕКСТЕРГА АЧЫК КОНКУРС ЖҮРГҮЗҮЛҮҮДӨ

2022-жылдын 1-июлунда «Диндердин өнүгүү тарыхы» курсу боюнча 7-8-класстар үчүн окуу-усулдук комплекстерди иштеп чыгууга ачык конкурс жарыяланган. Конкурстун шарттарына ылайык «Диндердин өнүгүү тарыхы» курсу боюнча 7-8-класстар үчүн даяр окуу-усулдук комплекстер 2022-жылдын 1-декабрына чейин кабыл алынат. Жогорудагы Жарлыкка ылайык Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 9-классы үчүн «Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча окуу китеби (авторлор: Исмаилов Ш., Ибраев М., Доталиев А., Исаева Г., Кадырбердиев А., Мырзаибраимов С., Иминов А.) жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмо (автор: А. Доталиев) иштелип чыккан.

### ОКУУ КИТЕБИ ТАЛАПТАГЫДАЙ ЭКСПЕРТИЗАДАН ӨТКӨН

«Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китебине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы «Окуу китеби» республикалык илимий-практикалык борбору тарабынан илимий, илимий-педагогикалык, дискриминацияга каршы жана гендердик, практика-педагогикалык экспертизалар жүргүзүлгөн. Экспертизалардын жыйынтыктары боюнча берилген сунуш-пикирлер эске алынып, автор-лор тарабынан тийиштүү жумуштар жасалган жана окуу китебине карата жыйынтыктоочу эксперттик корутунду алынган. Билим берүү жана илим министрлигинин Коллегиясынын 2022-жылдын 15-августундагы отурумунда Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 9-классы үчүн «Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китебине Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин грифи ыйгарылган.

### МЕКТЕПТЕР КАМСЫЗ КЫЛЫНУУДА

Аталган окуу китебин жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмону көбөйтүп басып чыгарууга «Ыйман» диний маданиятты өнүктүрүү фонду колдоо көрсөтүүдө. 2022-2023-окуу жылына карата 9-класс үчүн жазылган «Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу китеби 123 380 (анын ичинен кыргыз тилинде – 72 500, орус тилинде – 42 300, өзбек тилинде – 8300, тажик тилинде – 280) нускада, мугалимдер үчүн усулдук колдонмо 3 555 (анын ичинен кыргыз тилинде – 2 400, орус тилинде – 870, өзбек тилинде – 265, тажик тилинде – 20) нускада басылып, бардык мектептерге жеткирилет. Окуу китебинин жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмонун электрондук варианты жаңы окуу жылынын башында "Электрондук китепкана" (https://kitep.edu.gov.kg/kg) платформасына жайгаштырылган. Бүгүнкү күнгө карата окуу китебинин жана мугалимдер үчүн усулдук колдонмонун кыргызчасы китеп түрүндө дээрлик бардык аймактарга жеткирилди.

### ДИНИЙ САБАТТУУЛУКТУ ЖОГОРУЛАТАТ

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предметинин негизги максаты – окуучуларда дүйнөлүк диндердин пайда болуу, өнүгүү жана иштөө тарыхы, алардын коомго тийгизген таасири жөнүндө билимдерди калыптандыруу; окуучуларга адеп-ахлактын, ыймандын, диндин адамдын жана коомдун жашоосундагы маанисин түшүндүрүү; окуучуларда диний конфессиялар аралык диалогду куруу жана адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүү, руханий жактан өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн жана ар түрдүү маданияттардын, улуттардын, ишенимдердин, социалдык топтордун өкүлдөрү менен позитивдүү өз ара аракеттенүү көндүмдөрүн калыптандыруу; окуучуларды радикалдашууга жана диний кагылышууларга каршы турууга даярдоо.

«Диндердин өнүгүү тарыхы» предмети боюнча окуу китеби окуучуларда диндин табияты, мазмуну, тарыхы жана социалдык функциясы тууралуу илимий негизделген көз караштарды, сабырдуулукту, дин тутунуудагы салттуулукту, руханий маданиятты жана адептүүлүктү калыптандырууга, ар кандай диний, деструктивдүү багыттардын жана агымдардын таасирин алдын алууга, окуучулардын динге ишенүү же ишенбөө эркиндигин жүзөгө ашырууга, көз караштарын, руханий баалуулуктарын эркин аныктоого, ошондой эле өсүп келе жаткан муундун арасында диний сабаттуулукту жогорулатууга көмөктөшөт.

### ОКУУ КИТЕБИ СТАНДАРТКА, ОКУУ ПЛАНДАРЫНА ЫЛАЙЫК КЕЛЕТ

Окуу китеби «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына, КРнын Министрлер Кабинетинин токтому менен бекитилген КРнын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына, Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилген КРнын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023-окуу жылынын базистик окуу пландарына ылайык келет.

### МУГАЛИМДЕР ТИЙИШТҮҮ ОКУУЛАРДАН ӨТТҮ

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында эмгектенген, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын текшерүүсүнөн өткөн 2550 мугалим (анын ичинен 2394 - мугалим, 156 - теолог) «Диндердин өнүгүү тарыхы» окуу курсу боюнча тийиштүү окуулардан өттү. Окутуу оффлайн жана онлайн форматтарда жүргүзүлдү. Мугалимдерди окутууга министрликтин бюджетинен 11 млн. 352 миң сом бөлүнгөн.

## МУГАЛИМДЕР ЭМНЕ ДЕШЕТ?...

### ОКУУЧУЛАРДЫН КЫЗЫГУУСУ ЗОР

***Э.Эргешов,***
***Бишкек шаарындагы "Мурас" менчик мектептин мугалими:***

– Предметтин тили жеңил, дүйнөлүк диндердин негиздери тийиштүү материал жана көрсөтмөлөр менен толукталган. Өтүлгөн теманы бышыктоо үчүн берилген суроолор да жакшы түзүлгөн. Мындан сырткары предметтин темалары предметтин жылына бөлүнгөн саатына караганда аз. Бул болсо өз учурунда предметти окуткан мугалимге жеңилдик берет. Квалификациясын жогорулатуу курсунан өткөн мугалимдер сабакты өтүүдө кыйынчылыктарга дуушар болбосун эске алуу менен мугалимдин өз ыктыярындагы сааттардын бөлүнүшүнө өзгөчө көңүл бурулган.

Бул предмет, албетте, долбоордук негизде түзүлдү, жыл өткөн сайын жакшырат жана толуктоолор киргизилет. Алгач дүйнөлүк диндердин негиздери тууралуу маалымат берилип, өлкөбүздө мүчөлөрү бар болгон буддизм жана христианчылык жана алардын негиздери тууралуу жалпы маалыматтын берилиши купулга толоорлук иш болгон. Андан ары ислам дини дүйнөлүк диндердин катарында жалпы маалыматка таяндырылып окутулат. Өзгөчөханафилик жана матуридилик тууралуу маалыматтын кеңири берилиши болсо бүгүнкү күндө өз күчүн дале болсо көрсөтүп келе жаткан жана бардык диндердей эле жогорку адеп ахлактуулуукка үндөгөн Ислам динин каралоого аракет кылган агымдар, деструктивдик топтор ошондой эле экстремисттик көз караштагы жамааттардын таасиринен окуучуларды коргоп калуу максатына ылайык деп айтууга болот. Китептин акыркы бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын мамлекет катары дин жана диндерге тийиштүү мамилеси чечмеленип берилген. Мамлекеттин диний чөйрөдөгү саясаты, Конституция менен мыйзамдын негизинде жеткиликтүү айтылган. Бул предмет окуучуларга туура билим берүүгө негизделген, мамлекеттин саясатын ишке ашырууга жана мамлекеттин светтик өзгөчөлүгүн сактоого кепилдик бере алат. Окуучулардын предметке карата пикири азырынча жакшы, кызыгуусу да жогорку деңгээлде. Өздөрү билгиси келген ар бир маалыматты кошумча суроолорду берип үйрөнүп жатышат. Бул китепте эч бир диний көз карашка багыттоо байкалбайт. Маалыматтар нейтралдуу көз караш менен жазылган. Ошондуктан предметти окутууда эч кандай кыйынчылык көрө элекмин. Жыл аягында дагы өзгөртүлүшү керек болуп калган жерлер болсо, албетте, кайтарым байланышка чыгамын. Түшүндүрмө терминдер жеткиликтүү болбой калган деген ойдо болгон мугалимдер болсо авторлор менен түздөн түз байланыша алышат. Менде да суроолор пайда болсо авторлорго кайрыламын.

### БАЛДАРДЫН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮНӨ ЫЛАЙЫК ЖАЗЫЛГАН

***Ч.Темирова,***
***З.Нурматова атындагы Жалал-Абаддагы кыздар лицейинин тарых мугалими:***

– 9-кластар үчүн жазылган "Диндердин өнүгүү тарыхы " окуу китеби окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайык жазылып, жалпы дүйнөлүк диндердин тарыхы, окшоштугу, айырмачылыгы, дин тутунуудагы салттуулук, руханий баалуулуктар камтылган. Бул предметтин окуу программасына киргизилиши, китептин жазылышы учурдун талабы десем жаңылышпайм. Анткени учурдагы ааламдашуу процессинин доорунда окуучуларга ар кандай деструктивдик багыттардын жана агымдардын таасиринен алдын алууга багытталып, руханий баалуулуктар жөнүндө маалыматтар камтылган. Диндердин өнүгүү тарыхынан окуучулар диний ишенимдин өзгөчөлүктөрү, диний жана диний эмес түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштар,терроризм жана экстремизмдин коркунучтары, өлкөбүздөгү диний жана маданий бирикмелер менен мамлекеттин кызматташтыгы тууралуу базалык билимдерге ээ болот.

Учурда предмет окуучулар тарабынан кызуу жактырылуу менен кабыл алынып, предмет аркылуу окуучулар Мекенди сүйүүгө. Улуттук каада-салттарды урматтого, Кыргызстандын маданий мурастарын жана байлыктарын коргоого, жалпы адамзаттык баалуулуктарды сыйлоо менен адеп-ахлактуулукка тарбияланышууда.

## КООМЧУЛУКТУН ПИКИРИ КАНДАЙ?

***Социалдык тармактарда да бул предметтин мектепте окутулушун колдогондор да, каршы болгондор да тынбай пикирин айтышып, талашып-тартышып жаткандар андан көп. Биз алардын айрымдарына назар чуркаттык.***

Аталган предметти өздөштүргөндөн кийин окуучулар дүйнөгө, коомго үй-бүлөгө, ар улуттун өкүлдөрүнө, ар кандай динди туткан адамдарга толеранттуу мамиле кылганды үйрөнөт, андан билет, ар кандай секталарга кирүүдөн баш тартат. Мунун пайдасы бар.


**Айнагүл БЕКТЕМИРОВА**

Мен педагогмун. Азыр окуучу турга... студенттер дин эмне экенин, ишеним эм... экенин айырмалай албайт. Жаштар б... жагынан сабатсыз. Ошондуктан айрымд... ры молдолордун айтканын кылып фан... болуп алышкан. Отуз жылдан бери б... боштук толбой келди. Эми азабын та... туудабыз. Диндин тарыхын окутуу кер...

**Бердигүл ТЕМИРБА...**

Бетти даярдаган Майрамбек ТОКТОРОВ, "Кут Били...

**Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун 2022-ж., 8-июндагы «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында "Диндердин өнүгүү тарыхы" предметин киргизүү жөнүндө» Жарлыгына, жаңы кабыл алынган жалпы орто билим берүү стандартынын жана жаңы иштелип чыккан предметтик стандарттын негизинде окуу китебине толуктоолор киргизилип, жарык көрдү. Жаңы китептин PDF форматындагысын барактап көргөндөн кийинки ойлорумду ортого салууну чечтим.**







### БИЛИМ МЕНЕН ИШЕНИМ "КАГЫЛЫШЫП" КАЛБАСЫН

...Предмет аралык байланыш сөзсүз эске алынууга тийиш. Ырас, мектеп программасындагы тарых, адабият, математика, физика, химия сыяктуу предметтердин илимий мазмуну менен диндердин өнүгүү тарыхынан сунушталып жаткан мазмун бир катар маселелер боюнча дал келиши кыйын. Тескерисинче, каршы келип калган учурлар кыйла. Бирок дүйнө таанымдагы бул ажырымды көрмөксөн, билмексен болуп койбош керек.

Ушул ыңгайдан алганда, мисалы, биологиядагы эволюция теориясы менен диндеги креационизм идеясы, физиканын мыйзамдары менен диний баяндардагы керемет окуялар кескин каршы коюлуп калбашы үчүн авторлор метафора, салыштырмалуулук, символизм сыяктуу түшүнүктөрдү ыгы менен колдоно билсе жакшы болмок. Ошондой эле адам баласынын байыркы доорлордон берки мифтериндеги көптөгөн "гипотезалар" кийин илимий негизде ишке ашырылганын да айта кетүү кажет.

Коомдогу көз караштардын ар түрдүүлүгүн тийиштүү деңгээлде сактоо, коргоо зарыл. "Мен (биз) айткан нерсе гана чындык, башкалар баары адашкандар!" (же сталинчесинен "Бизге кошулбагандар – биздин душмандар!") – деп зиркилдеп турган "бир пикирдүүлүк" өтө чоң кесепеттерге алып келерин тоталитардык коомдордун тажрыйбасы далай ирет тастыктаган эмес беле?.. ...

Коом жана инсан, мамлекет жана жаран, дин жана илим (же диний эмес чөйрөлөр – маданият, көркөм өнөр, илимий-техникалык прогресс ж.б.у.с.) ортосундагы кыйла татаал мамилелер тутумун балдарга бир эле сабактын, болгондо да ушул эле окуу китептин чегинде жетиштүү чечмелеп берүү дээрлик мүмкүн эмес.

Көбүрөөк билгиси, тереңирээк түшүнгүсү келгендерге кошумча булактарды, мисалы, таанымал авторлордун эмгектерин, интернеттеги сайттарды, башка жалпыга маалымдоо каражаттарын тизмелеп берсе болот. Мисалы, ушул маселелер боюнча Элмурат Кочкор уулунун "Ислам – илимдүүлөрдүн жана билимдүүлөрдүн дини" деген жыйнагы бул сабактан окута турган мугалимдер менен өз алдынча ой жүгүрткөн окуучуларга абдан керек деп эсептейм. Альтернативдүү маалымат булактары диндердин өнүгүү тарыхы боюнча шашылыш чыгарылып калган окуу китептин кенемтелерин толукташ үчүн зарыл.

# ДИНДЕРДИН ТАРЫХЫН КАНДАЙ ОКУТУУ КЕРЕК?

### САБАКТЫН КЕРЕКТИГИ, ЖАҢЫЧА ОКУТУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ

Адегенде бул сабактын башкы максатына ылайык келген жактарын белгилейин. Китептин биринчи бөлүмүндө дүйнөлүк диндер (христианчылык, буддизм жана ислам) тууралуу кыскача маалымат берилиптир. "Мамлекет жана дин" деп аталган соңку 4-бөлүмүндө Кыргызстандын бул жааттагы саясаты, радикализм, экстремизм жана террористтик уюмдар, конфессия аралык сабырдуу мамиле жөнүндө жакшы эле айтылыптыр.

**Негизги тексттен мага айрыкча жаккан жерлеринен келтирейин:**

*"Негизинен бардык эле диндер адам баласына жакшы менен жаманды айырмалап, жакшы жашоосуна жол көрсөтүү же болбосо өбөлгө түзүү үчүн жиберилет".*

*"Китептин авторлору силер окуу китебин кунт коюу менен окуп, жакшы кабыл аласыңар деп ишенишет. Дин, анын негиздери, коомдогу орду жана ролу тууралуу негизги теориялык түшүнүктөр өтө маанилүү экендигин сезе билишиңер керек. Силер кыргыз элинин диний салттары, алардын биздин мезгилдеги өнүгүшү жана өлкөдөгү диний кырдаал жөнүндө маалымат келечек жашооңор үчүн өтө маанилүү". ("Киришүү", 5-бет.)*

Дагы бир жакшы келкисин окуйлу (сүйлөмдөрдүн синтаксистик каталарына көңүл бурбай коё туралы):

*"Абу Ханифанын методологиясынын дагы бир өзгөчөлүгү, талкуу – интерактивдүү ыкмасында турат. Ал өзүнүн окутуу ыкмасында фикх боюнча жаралган маселени шакирттеринин ортосуна таштап, ар бири бул маселе боюнча оюн айтууга мүмкүндүк берген. Мындай активдүү ыкманын таасири астында аудитория кадимкидей жанданып, уу-дуу түшкөнгө чейин барган. Бир эле маселе өзүнүн так жана аргументтүү жообун тапканча күн тартибинен алынган эмес". (77-бет)*

Бул абдан орчундуу маалымат. Борбор Азияда, анын ичинен биздин Кыргызстанда тамырлаган ханафий мазхабынын эң башкы артыкчылыктары: таалимдин бир беткей монологго эмес, талкууга, диалогго негизделгендиги, адамдын акыл-эс дареметине ишенимдин күчтүүлүгү, диний эмес чөйрөдөгүлөр менен мунаса кылууга кыйла ийкемдүү экендиги ж.б.у.с.

Эгер бул жерде айтылган принципти мугалим толук колдоно билсе, диндердин өнүгүү тарыхы ушул усул менен окутулса, окуучулар кайдыгер болбой, көп нерселерди жакшы түшүнүп алат. Дин менен диний эмес чөйрөнүн, мамлекет менен жарандын өз ара мамилелерин улам тереңдете окуп-үйрөнүүгө дилгирленет.

Бирок, өкүнүчтүүсү, окуу китепте эркин талкуу жүргүзүү учурунда мугалимди ыңгайсыз абалда калтыра турган жерлери да бар экен.

### ЧИЙКИ КЕЛКИЛЕР

Китептин айрым жерлерин мектеп окуучулары эле эмес, чоң кишилер деле түшүнүшү кыйын. Мисалы:

*"Курандын адамдын адеп-ахлактык мүнөзүнө карата мындай тең салмактуу мамилеси алардын адеп-ахлактык абалын жана артыкчылыктарын бирдей баалоого алып келген. Курандын адамга болгон этият оптимизми Ислам адеп-ахлагынын диний мүнөзгө ээ экендигин айгинелейт. Ошол эле мезгилде Куран менен сүннөткө каршы келбөө шарты менен аалымдардын, даанышман олуялардын жана коомдун (улуттун) жол көрсөтүүчүлөрүнүн пикирлери, насыйкаттары да адеп-ахлактын негиздерин түзөт". (56-57-беттер).*

Буга чейинки абзацта адам табиятынын рухий жана биологиялык жагы жөнүндө айтылган. Бирок такыр башка, чубалжыган сөздөр менен бүдөмүк жазылгандыктан, кийинки абзац да түшүнүксүз болуп калган.

**Кийинки абзацтын баш жагы:**

*"Исламда адеп-ахлак толугу менен жогоруда айтылган диний принциптерге жана эрежелерге негизделген. Бардык мусулмандар Курандын буйругун аткарып, пайгамбардын окууларына ылайык жашашкан".*

Бул келегей сүйлөмдөрдөгү "толугу менен", "бардык мусулмандар" деген апыртма сөздөр сабакта мугалимди окуучулардын алдында ого бетер ыңгайсыз абалда калтырышы ыктымал. Мындагы авторлордун айткысы келген оюн чечмелеп берейин десе, логика аксап турат. Анткени пайгамбардын тирүү кезинде да, андан кийин да түркүн маселелер боюнча пикир келишпестиктер, ар кандай саясий тирешүүлөр, бийлик талашуулар болгондугу тарыхтан белгилүү.

Эгер Курандагы көптөгөн аяттарды "бардыгы" жетик түшүнүп, тийиштүү эрежелерди күнүмдүк тиричилигинде "толугу менен" аткарып турган болсо, анда азыркы кезге чейин токтобой улантылып келаткан талаштар чыкмак эмес да, мазхабдар, түркүн агымдар пайда болмок эмес. Курандын өзүндөгү "жокко чыгарылуучу" жана "жокко чыгаруучу" аяттар да болмок эмес.

Чындыгында бул обүективдүү жагдайлардын баары ар кандай окуунун же диндин табиятына, жаралуу, өнүгүү диалектикасына мүнөздүү келет. Ошондуктан авторлор муну логикага сыйгыдай түшүндүрө албаса, китепке кошпой эле койсо болмок.

**Жогорудагы абзацтын уландысы:**

*"Пайгамбардан кийинки доордо пайда болгон жаңы кырдаалдын алдында аздыр-көптүр жаңы адеп-ахлак үлгүлөрү пайда болсо дагы, алар Куранды негиз кылышкан.* ***Ал эми кийинки учурларда*** *пайгамбардын жана анын сахабаларынын жашоосунан үлгү алуу менен биргеликте, айрыкча кыргыз жергесинде Ханафи мазхабынын жана кыргыздын улуттук баалуулуктарынын негизинде салттуу Ислам адеп-ахлагын сактоого негизделген түшүнүк пайда болгон. Адеп-ахлак жөнүндөгү чыгармалардан же ушул тармактын өзгөчө маселелеринен турган бай маданият пайда болуп, азыркыга чейин сакталып келүүдө".*

Айтмакчы, "бардык (баары)" деген сөздү сахабалар жөнүндөгү абзацта да ойлонбой эле колдоно бериптир (авторлордун кимиси болсо да).

*"Сахаба сөзү араб тилинде «жолдоштор, достор» деген маанини туюнтат. Ал эми Ислам дини боюнча, жашоосунда жок дегенде бир жолу Пайгамбарды көргөн момун-мусулмандын баары сахаба болуп саналат. Ушундан улам, Пайгамбардын доорунан кийин эч ким сахаба боло албайт. Пайгамбарды көргөндөр сахаба деп аталса, сахабаларды көргөндөр табийин, табийиндерди көргөндөр табаи-табийин деп аталат". (59-б.)*

Ошол доорду баяндаган булактарга (мисалы, байыркы араб поэзиясы менен санжырасын мыкты билген, Мухаммед пайгамбардын ишмердигине тиешелүү маалыматтардын дээрлик баарын чогултуп жазган энциклопедист Мухаммед ибн Исхактын кийин Абд аль-Малик ибн Хишам кыскартып, Куранга тууралап иштеп чыккан "Мухаммед пайгамбардын өмүр баяны" атуу китебине) кайрылсак, пайгамбарды көргөндөрдүн арасында түркүн-түмөн адамдар болгонун билебиз. Диндин формалдуу деңгээлде гана кабылдагандар, ислам динин кабыл алып, кийин айнып кеткендер, атүгүл каршы согушкандар да болуптур. Бул табигый, мыйзам ченемдүү эле көрүнүш.

Айтмакчы, китептин үч ирет сынактан өткөн текстин автордук курамга быйыл кошулгандар 90 пайыздай өзгөртүп ийгендиктен баштапкы варианттын авторлору дээрлик баары (Г. Исаевадан башкасы) китепке өздөрүнүн аты-жөнүн жазганга уруксат бербей чыгып кетиптир. Тексттеги алешемдиктердин бир себеби ушул окшойт. (Авторлордун мурунку курамында болгон тарыхчы М. Иманкуловдун ушул сабак, окуу китеби тууралуу макаласын жакында сунуштайбыз).

### СОГУШЧАН АТЕИЗМ ДА, ДИНИЙ ФАНАТИЗМ ДА КЕРЕК ЭМЕС

Сөз соңунда динге берилүүнүн чеги, чени болушу керектигин баса белгилейли. Ашынган фанатизм жөнүндө айтсак, анын канчалык коркунучтуу экенин алыс барбай ооган элинин эле тагдырына көз чаптырсак жетишет.

Атеизм да ар түрдүү болот. Мунун согушчан түрү эң жаман – адамдарды Кудайга ишенгени үчүн эле жек көрүп, динди күч менен жоюп жок кылыш керек дегенге чейин барат. А илимий негизде талдап, динге ишенгендердин жан дүйнөсүн түшүнүп, сезимине акарат кылбаган адептүү атеисттер башка. Кудайдын бар же жок экенине толук ишене албай, бар болушу да, жок болушу да мүмкүн деген агностиктер деле бар.

Рухий жактан өксүбөй жетилген кең пейил, эстүү кишилер да, жашы канчага келгенине карабастан көөдөк бойдон кала берген же акыл-эс жагынан эрте карып-арыган баёо, түшүнүгү чектелүү, өз алдынча ойлоно албай (же ойлонуудан жалкоолонуп) даяр шаблондорду кайталай бергенге, ар кандай "аптарыйкаттарды" аздек (кумир) тутуп ээрчип кетүүгө ыктаган пенделер да ар бир жаатта, топто бар.

Ошондуктан кимдир бирөөлөргө жагабы, жакпайбы, биз Кыргызстанда динчилдер менен диний эмес чөйрөдөгү адамдардын көз карашын бирдей сыйлап, коомдогу рухий тең салмакты камсыздап турушубуз зарыл. Ушул тең салмак, баланс бузулган күнү Ооганстандын кейпин кийип калабыз...

Жолдош ТУРДУБАЕВ, "Кут Билим".
Макаланын толук вариантын "Кут Билимдин" сайтынан окуй аласыздар.

*А.Малдыбаев атындагы Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрында "Жылдын мыкты мугалими" жана "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземи өттү. "Жылдын мыкты мугалими – 2022" сынагында 1-орунга Ош шаарындагы №52 Кыргыз-Түрк достугу мектеп-лицейинин математика мугалими Нурсултан Акылбек уулу чыгып, ноутбук, телевизор менен сыйланса, экинчи орунду камсыздаган Бишкек шаарындагы №68 ОТКнын информатика мугалими Гүлзат Мукамбетовага ноутбук жана көп функциялдуу принтер тапшырылды. Ал эми 3-орунга чыккан Жалал-Абад шаарындагы №5 мектеп-гимназиянын химия мугалими Максат Абиловго ноутбук тапшырылды. Калган катышуучулар грамота жана баалуу белектер менен сыйланышты.*



# ЖАҢЫЧЫЛ МУГАЛИМДЕР АЛДЫГА ЧЫКТЫ




### КИМДЕР КҮЧ СЫНАШТЫ?

Быйылкы республикалык сынакка буга чейинки баскычтардан ийгиликтүү өткөн тогуз мугалим катышты. Алар: Ноокат районундагы Р.Хужемов мектебинин информатика мугалими Максатбек Маккамбаев, Жалал-Абад шаарындагы N5 мектебинин химия мугалими Максат Абилов, Тоң районундагы Алтымышбаев атындагы мектептин биология мугалими Кундуз Бердибекова, Ош шаарындагы N52 мектеп-лицейдин математика мугалими Нурсултан уулу Акылбек, Бишкек шаарындагы N68 ОТКнын информатика мугалими Гүлзат Мукамбетова, Кемин районундагы А.Казакбаев атындагы тарых мугалими Дильназ Айталиева, Кадамжай районундагы Өрүкзар мектебинин физика/математика мугалими Арзыкан Үрүстөм кызы, Ак-Талаа районундагы Э.Карасартов атындагы мектептин башталгыч классынын мугалими Нурзат Шыгаева жана Бакай-Ата районундагы Э.Капалов атындагы мектептин тарых мугалими Алмакан Алтынбек кызы.

### ӨЗҮН-ӨЗҮ ӨНҮКТҮРГӨН МЫКТЫ МУГАЛИМ

Нурсултан Акылбек уулу республикалык сынактын биринчи эле турунда заманбап мугалим экенин тастыктай алды. Турган турпаты, кийген кийими, сүйлөгөн кеби чыныгы мугалим экенин көрсөтүп турду. Анан калса ал ар бир кадамын ырааттуу мерчемдеп, так иштээрин да байкадык. Анын презентациясын көргөндө эле 1-орунга чыгат деген божомолум дал келди.

Нурсултан мугалимдик кесипти тандап алганда эле анын түмөн түйшүгү бар экенин сезип, ар күнкү сабагына дыкат даярдануу менен бирге өзүн-өзү өнүктүрүүнү кошо пландаштырып алган. "Канткенде окуучу сабак окугусу келет, канткенде окуучу сабактарды өзү кызыгып окуйт?" - деген суроолорго дайыма жооп издейт.

– Мугалим сабакта психологиялык жагымдуу жагдай жарата алса, окулуп жаткан материалдын баланын турмушу менен байланышын сездире алса жана окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен тапшырмаларды пландаштыруу аркылуу баланын дараметин ача алса, аны окууга шыктандыра алса гана билим алуу окуучу үчүн кызыктуу болот тура. Мен өз тажрыйбамда инсанга багыттап окутуу, сынчыл ойлоону өнүктүрүү, проблемалуу окутуу, дифференциациялап окутуу, STEM-билим берүү ж.б. окутуу технологияларын колдонуп келем. Мындан тышкары, натыйжалуу сабакка жетишүү үчүн окуучулардын деңгээлин эске алуу менен тапшырмаларды түзүп алам. Окуу китебиндеги тапшырмалар менен бирге өтүлө турган материалды баланын жашоосу менен байланыштыра турган тапшырмаларды издейм. Теманы түшүндүрүп алгандан кийин репродуктивдүү, продуктивдүү жана окуучуларды чыгармачыл ойлоого багыттай турган тапшырмаларды колдоном, - дейт жеңүүчү.



Нурсултан Акылбек уулу сабакта Kahoot платформасы, ZipGrade тиркемелери аркылуу окуучулардын тапшырмаларын текшерип, анан гана баалайт.

Окуучунун ийгилиги – мугалимдин ишинин натыйжасы. Окуучулары шаардык, республикалык олимпиадаларда, ошондой эле онлайн сынактарда байгелүү орундарга жетишип келе жатат.

"Математикалык баш катырмалар" китебинде жалаң сабагында пайдаланылган тапшырмалар топтолгон. Ал эми "Кызыктуу математика" деген китеби учурда басмага даярдалып турат. Баса, ал Ош шаардык "Жылдын мыкты мугалими – 2022" сынагында дагы I орунду ээлеп, Daewoo Matiz III автоунаа менен сыйланган.



Республикалык сынакта экинчи орунду камсыздаган Бишкек шаарындагы А.Осмонов атындагы №68 мектеп-гимназиясынын информатика мугалими Гүлзат Муканбетова аталган мектепте 2003-жылдан бери эмгектенет. Ал окуучуларга сапаттуу, мазмундуу билим берүүдө чыгармачылык менен иш жүргүзгөн алдыңкы педагог экенин сынакта далилдеди.

Сынактын бардык турунда ал өзүнүн кесибин сүйгөн, сабактын эффективдүүлүгүн арттыруу үчүн алдыга койгон максатын ишке ашырууда окутуунун активдүү формаларын колдонуу менен билим сапатын жогорулатуунун үстүндө иштеген мугалим экенин көрсөттү.

Гүлзат алдыңкы методикалык ыкмаларды, педагогикалык технологияларды терең ойлонуштуруп, өз орду менен иш тажрыйбасында пайдалануусу ийгиликтерди берип келет. Өз билимин өркүндөтүүдө талыкпай эмгектенүүсү менен окутуунун ыкмалары: оюн, маалымат-компьютердик, ден соолукту сактоо, структуралык-логикалык, тренингдик, интеграцияланган, СӨЖ, мультимедиалык окутуунун, долбоордук окутуу технологияларын жана сынчыл ой-жүгүртүүнүн стратегияларын колдонууну терең өздөштүрө алганын сынактын 2-турунда, т.а. окуучулар менен иштегенде көрсөтө алды.

### МЭЭНЕТИ КҮЧ, СЫЙМЫГЫ ЗОР АГАЙ

3-орунду багындырган Жалал-Абад шаарындагы Б.Осмонов атындагы №5 мектеп-гимназиясынын химия мугалими Максат Абилов сынакта мыкты устат экенин тастыктады. Сынактын экинчи турунда, т.а. 40 мүнөттүк ачык сабактан кийин №69 ОТКнын окуучулары ага ыраазычылык билдирип, алардын мектебине мугалим болуп келүүсүн өтүнүштү. Бул деген анын чыныгы кесипкөй, нукура мугалим экенинен кабар берди. Ошол жерде отурган калыстар тобу буга күбө.



Максат Абилов предметин теориялык жактан да, практикалык жактан да жакшы билээрин, анын сабагы пландаштырылып, ойлонулуп, так уюштурулгандыгы жана жаңы ыкмаларды колдонуп, бир бүтүндүккө айланып, кызыктуу өтүлгөндүгү менен дагы башкалардан айырмаланды.

Жалал-Абад шаардык билим берүү башкармалыгынын методикалык кабинетинин башчысы Гүлнара Ишатованын айтымында, Максат химия сабагын салттуу эмес, стандарттык эксперимент, интерактивдүү усулдар менен өтөт.

– Ал иштеген алты жылдын ичинде шаардык олимпиададан он окуучу алдыңкы орундарды ээлеп, бир окуучу облустук олимпиадада экинчи орунга ээ болгон. Абилов Максат бир гана сабак өтүү менен чектелбестен, класс жетекчилик милдетти да берилүү менен аткарат. Окуучуларына талапты коё билүүсү, ар бир баланын психологиясына карап тарбия берүүсү, ата-энелер менен болгон тыгыз байланышы анын окуучуларынын арасындагы кадыр-баркын арттырып келет. Педагогикалык жамаатта өз билгендерин башка мугалимдер менен бөлүшүп, ачык сабактарды өтүп, мектеп ичиндеги коомдук иштерге жигердүү катышат, - деди методист.

Максаттын айтуусунда, мугалим катары анын миссиясы - жаш инсандын жан дүйнөсүн татаал жана албуут келген дүйнөнүн агымына даярдоо.

– Азыркы балдар сырткы чөйрөдөгү ар түрдүү таасирлерди түз кабыл алат. Пайдалуу же пайдасыз деп жыйынтык чыгарууга алардын чыпкасы (фильтри) жок. Сырткы чөйрөдөгү таасирлердин агымын призмадан өткөргөндөй таза жана тунук кылып билим берип, тарбиялап өстүрүү мугалимдин милдети. Акылман Сократ айткандай: "Бардык кесиптер адамдын өзүнөн берилет, үчөө гана Кудайдан, алар: педагог, сот, врач". Бул акылмандын сөзү менин педагогикалык философиямдын жүрөгүнүн түпкүрүндө сакталат. Педагогика деген сөз өзү эле "баланы жетелеп жүрөм, тарбиялайм" деп которулат эмеспи. "Окуучу үчүн мектептеги эң негизги кубулуш, эң негизги окуучу предмет, эң негизги көрсөтүлүүчү үлгү болуп МУГАЛИМ эсептелинет" деп немис педагогу Фридриг Дистервегдин айтканы талашсыз чындык, - деди жеңүүчү.

Мугалимдик кесиптин маанилүүлүгү, милдети жана жоопкерчилиги акыркы жылдары жогорулай баштады. Максаттын пикиринде, мурдагыдан да көбүрөөк эмгек кылып, коом жана өлкө талап кылган инсандарды тарбиялап чыгаруу шарт экенин унутпоо зарыл.

Гүлнара АЛЫБАЕВА, "Кут Билим"

**"Жылдын мыкты тарбиячысы – 2022" сынагынын жыйынтыгында Ош шаарындагы №39 "Күн нуру" бала бакчасынын тарбиячысы Гүлназа Туленбаева биринчи орунду ээлеп, баш байгени багындырды.**






# ОШ БЫЙЫЛ ДА АЛДЫГА ОЗДУ

5-октябрь – мугалимдердин күнү кош майрам менен коштолуп, борбор калаабыз Бишкектеги салтанаттуу жыйында "Жылдын мыкты тарбиячысы – 2022" сынагынын жеңүүчүлөрү сыйланды. Биринчи орун быйыл Ош шаарынан келген Гүлназа Туленбаеванын энчисине, экинчи байгелүү орун Талас облусунун Манас районундагы "Байчечекей" бала бакчасынын тарбиячысы Эркинбек кызы Мунарага, үчүнчү орун Ош облусунун Алай районундагы №1 бала бакчанын тарбиячысы Арапаткан Туменовага тийди.

3-4-октябрь күнү "Жылдын мыкты мугалими" жана "Жылдын мыкты тарбиячысы" республикалык кароо-сынагынын IV этабына сегиз дубандан мыктынын мыктысы тандалып келип, билим таймашында күч сынашканына күбө болдук.

Тарбиячылардын таймашы Көк-Жар жаңы конушундагы №182 бала бакчанын имаратында өттү. Бул бала бакчанын (директору Эльмира Сырдыбаева) майрамдагыдаый жасанышкан тарбиячылары, айрыкча, кичинекей бөбөктөрү сегиз дубандан келген кесиптештерине жана калыстар тобуна камкордук менен бөлмөлөрдү ылайыкташтырып жасалгалап, жаңы эле таанышкан эжейлеринин тилегине тилектеш болуп, жардам берип жатышты. Талапкерлер жолдун алыс-жакынына карабай, ала келген көргөзмө куралдардын жардамы менен балдарга күз мезгилинин, кооздугу тууралуу айтып берип, жаратылыш сырларын чогуу изилдешти.

Үчүнчү орунду ээлеген Арапатхан Туменова алыскы Алай районунун Күлчө айылындагы №1 бала бакчасында 2014-жылдан бери тарбиячы болуп иштейт. Ал эмгектенген типтүү бала бакча 1979-жылдан бери үзгүлтүксүз иштеп келаткан саналуу бакчанын бири. Бала бакчанын башчысы Гүлбара Рахманбердиеванын айтымында, алар эки жылдан бери облуста алдыңкы орундарды ээлеп келатат. Быйыл да минтип байгелүү үчүнчү орунга ээ болду. Бул бала бакчанын өзгөчөлүгү – меморис программасынын негизинде, бардык буюмдарды таза, нукура продукциядан жасоого басым жасалат. Байкоочулардын баамында, Арапатхан Кантемировна кенже тайпанын балдарына өткөн "Күз менен таанышуу" сабагында балдар менен байланыш түзүүгө жетишип, жаш курагына жараша али толук сүйлөй элек бөбөктөрдү өзүнө тартып, бир багытта башкара алды.

Экинчи орунга татыктуу болгон Маңас районундагы "Байчечекей" бала бакчасынын тарбиячысы Эркинбек кызы Мунара иштегенине аз эле болсо да (эмгек стажы алты жыл) райондун эле эмес, облустун намысын талашкан, келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаш тарбиячылардын бири. Анын өткөн сабагы, айрыкча кол менен жасалган колдонмо куралдары калыстар тобунун көз кырына илинди.

Калыстар тобу үчүн талапкерлердин арасынан эң мыктысын аныктоо кыйынга турганын белгилеп койгонубуз оң. Муну катышуучулар жана алардын күйөрмандары калыстардын чечим чыгаруу убактысы узакка созулганынан улам баамдап турушту.

Калыстар тобунун төрайымы, Бишкектеги И.Арабаев атындагы КМУнун доценти Токтобүбү Орусбаева калыс баамдагандай, республикалык деңгээлдеги таймашка ар бир катышуучу өзүнүн облусунун намысын коргоп келгени эле чоң жеңиш, чоң эрдик.

– Биз үчүн татыктуулардын татыктуусун тандоо эң кыйын болду. Анткени ушул жерге келгендердин баары – жеңүүчүлөр экени талашсыз. Бирок таймаш деген таймаш экен, мыктылардын ичинен мыктысын тандоо вазийпасын акыйкат, так аткарганга аракеттендик. Талапкерлер өткөн сабактары аркылуу өздөрү кандай педагог экенин көргөзө алды. Ар биринин белгилей кетчү өзгөчөлүктөрү бар, бирок кээ бири балким толкунданганданбы, сабактын башталышында Гимн ырдатканды эстен чыгарып коюп жатты. Кайсы жерде болсо да, ушул кичинекей, бирок өтө маанилүү кырдаалды башкалар да унутпоого тийиш.

Ош шаарынан келген талапкер аудиторияны, балдарды өзүнө тарта билгендиги, дикциясы, мимикалары, мээримдүү мамилеси менен башкалардан айырмалана алды. Ал өзүнүн сабагына өтө кылдат даярданып келгендиги тайпадагы балдарга бирдей форма кийгизгендигинен да байкалды. Кыйын педагог кандай чөйрө болбосун, өзүнүн чеберчилиги менен баарын өзүнө тартып алат жана кандайдыр бир өзгөчөлүктү таба билет. Биз Гульназадан ошол чеберчиликти көрдүк, - дейт Токтобүбү Орусбаева.

Жыйынтыктоо сөзүндө Билим берүү жана илим министрлигинин мектепке чейинки билим берүү саясаты бөлүмүнүн башчысы Нурзида Касымова талапкерлерди таптоодо жергиликтүү жетекчилердин олуттуу мамилеси чоң роль ойной турганын белгиледи.

– Талапкерлер үчүн да, алар сабак өткөн балдар үчүн да жаңыдан таанышкан чөйрөдө өзүн көргөзүү оңой эмес иш. Бирок ошол кыйын кырдаалдан кылдат чеберчилик менен чыгып кетүү аркылуу, өзүнүн мыктылыгын көрсөтүүгө тийиш. Биздин баамыбызда, ушул сынакта да облустук турлардан алдыга озуп келгендер өздөрүнүн кесиптик чыныгы чеберчилигин көргөзө алды. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, кыргызда "Жандоочу кийик аттырат" деген жакшы сөз бар эмеспи, анын сыңарындай, Оштун жетекчилери педагогдорго мотивация берүүнү мыкты өздөштүргөнүн белгилеп коюшубуз абзел. Алардын сүрөөнү, колдоосу аркылуу облустук турларда жеңген жеңүүчүлөр батирлүү, машиналуу болуп жатканына күбөбүз. Бул албетте, ар бирин алдыга сүрөп, жеңишке жетелейт жана өз жемишин берет. Анын жемиши ушул – быйылОштон келген мугалим да, тарбиячы да байгелүү биринчи орунду ээлеп отурат. Былтыр да Оштон келген педагогдор баш байгеге ээ болгону эсибизде, - дейт Нурзида Касымова.

Айнагүл КАШЫБАЕВА,
"Кут Билим"










# ЖАҢЫ ДООРДОГУ БИЛИМ БЕРҮҮ:

## БЕКТЕМИР МУРЗУИБРАИМОВДУН ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ ЖАНА ТАБЫЛГАЛАРЫ, КОНЦЕПЦИЯСЫ ЖАНА СТРАТЕГИЯСЫ



**(Окумуштуунун «Мугалим – мөмөлүү дарак» китебин барактаганда...)**

*Сөздү мына бу фактыдан баштайлы. 1986-жылы Бишкекте (ал кезде Фрунзе) жогорку окуу жайларын кайра куруу боюнча республикалык актив болот. Ал кезде СССР күчүндө турган. Борбордо өткөн мындай жооптуу чоң жыйынга адат катары республиканын жогорку жетекчилиги катышчу да, чыгып сүйлөй турган докладчылар партиялык бийлик тарабынан дыкаттык менен алдын ала тандалчу. Республикалык активде демейде бийлик рангасы жогору адамдар – областтык партия комитетинин биринчи секретары, райкомдун биринчи катчысы, эл депутаты же жогорку окуу жайдын ректору сүйлөшү мүмкүн. Бирок бул жолу республикалык активде кандайдыр бир жогорку чинге эмес, же ректорго эмес, болгону, алыскы түштүктөгү пединституттун биология факультетинин деканы Бектемир Мурзуибраимовго өтө жооптуу маселе боюнча докладчылык милдет жүктөлүп отурат. Ал кездин ченеми менен алганда, албетте, бул сыймыктана турган нерсе болучу. Бирок Бектемир Мурзуибраимовдун буга чейинки өмүр жолун жана ишмердигин байкап-багып билген, жакшы тааныган адам үчүн республикалык активде перифериялык окуу жайдын деканына жанагинтип ишеним көрсөтүлүүсү мыйзам ченемдүү нерсе эле. Себеби, ошол кезде Б.Мурзуибраимов билим берүү сферасында түштүк регионунан төбөсү көрүнүп, жалпы республикалык коомчулуктун көзүнө түшө баштаган жаш, активдүү атуул-окумуштуулардын бири болучу.*

Айтмакчы, ал «Болор бала бешикте булкунат, болор кулун желеде жулкунат» дегендей, жаш кезинен эле тың чыккан. Мектепти медаль менен аяктаган, жогорку окуу жайын да «Кызыл диплом» менен бүтүрүп, андан соң 25 жашында диссертация жактап, химия илимдеринин кадидаты деген даражага ээ болгон. Билим берүү тармагына ишке киргенде анын бала чагынан өзү менен кошо жүргөн жигердүүлүгү, кужүрмөндүүлүгү ого бетер активдешкен. 1972-1986-жылдар аралыгында өзү химик болсо да, билим берүү тармагында басма сөз беттеринде мамлекеттик маселелерди козгоп, публицисттин милдетин аткарып, коомчулук алдында жаш бүркүттөй шаңшып чыккан. Анын ошол кезде областтык жана республикалык газеталарга жарыяланган **«Жоопкерчилиги чоң иш» («Мугалимдер газетасы», 5-май, 1972-жыл.) «Педагогикалык кадр жана бүгүнкү күндүн талабы» («Ленин жолу», 23-февраль, 1974-жыл.)**, **«Татыктууларды даярдайбыз» («Мугалимдер газетасы», 27-март, 1974-жыл.)**, **«Ардактуу наамды актоо керек» («Советтик Кыргызстан», 21-январь, 1975-жыл.)**, **«Заочное обучение: Итоги и проблемы («Мугалимдер газетасы», 29-октябрь, 1975-жыл.)**, **«Тарбиялык иштин натыйжалуулугу» («Мугалимдер газетасы», 4-январь, 1980-жыл.)**, **«Мугалим мөмөлүү дарак» («Ленин жолу», 30-март, 1982-жыл.)** аттуу макалалары педагогикалык коомчулукка, жалпы эле окурмандар дүйнөсүнө маанилүү, салмактуу маселерди көтөргөндүгү менен чоң таасир калтырган. Бүгүн да ушул макалалар өзүнүн маанисин жоготкон жок. Билим берүүнүн көйгөйлөрүн, орчундуу проблемаларын көтөргөн, мазмундуу педагогикалык ой-пикирлерди, сунуштарды камтыган бул макалалар билим берүүнүн азыркы XXI кылымдагы курч маселелери менен үн алышып, мазмунун эскертпей, жалынын өчүрбөй дагы эле, чырактай жанып турат десек жаңылышпас элек. Аталган макалалардан кечээкинин да, бүгүнкүнүн да, эртеңкинин да үнүн угуп турасың. Б. Мурзуибраимовдун социализм жылдарында жазган макалаларынын бүгүн да кызыгуу менен окулушу-аларды автордун билим көйгөйлөрүн чын жүрөктөн күйүп-бышып жазгандыгында эле. Бектемир окумуштуу, Бектемир публицист бул эмгектерин билим дүйнөсүнө чумкуп кирип, ал жактан өз көзү менен көргөнүн, өз колу менен жасаганын, өзү күбө болгон нерселерин күйүп-жанып жазган. Ал эми күйүп-жанып чын жүрөктөн жазылган турмуш чындыгы өлбөй-өчпөй, бара, бара тарых чындыгына айланып, улут таржымалынын бир эпизоду катары жашап калары анык эмеспи.

Республикалык басма сөздө орчундуу макалалары менен да, окуу жайда жасаган омоктуу реалдуу иш-аракети менен да таанылып чыга келген Б.Мурзуибраимовду Ош мамлекеттик пединститутунун жетекчилиги сырттан окуу боюнча проректорлукка, анан биология факультетинин декандыгына да, институттун парткомунун секретарлыгына да көтөрүшкөн. Мына ушинтип, 1986-жылы жанагинтип чоң борбордо, чоң жыйында сүйлөөгө мандат алганы, Бектемир мырзанын коомдук активдүү жараны катары аренадан көрүнүп, көпчүлүктүн көзүнө эртелеп түшкөндүгүнөн улам болгон.

Өйдөтө «реалдуу иш-аракети менен да көрүнүп» дебедикпи. Ал кайсы иш-аракет эле? Бектемир Мурзуибраимов сырттан окуу боюнча проректорлук кызматка келгенде Ош пединститутунун сырттан окуу бөлүмүнүн иши кескин жакшырып, студенттердин билим алуусунун сапаты кыйла жогорулаган экен. Бул анын сырттан окуу бөлүмүнүн ишмердигин жалпылаштырып жазган жогорудагы «Жоопкерчилиги чоң иш», «Педагогикалык кадр жана бүгүнкү күндүн талабы», «Татыктууларды даярдайбыз» аттуу макаларынан айкын көрүнүп турат. 15 жылдын ичинде Ош пединститутунан өндүрүштөн ажыратылбай туруп, 4584 адам жогорку билим алган. Бирок 1972-жылы проректор Б. Мурзуибраимов «кеп бүтүрүүчүлөрдүн санында эмес, билим алуунун сапатында» деп тынчсызданып, ошо туштагы сырттан окуп жаткандардын кыйласынын билиминин начар деңгээлин көрүп, тогуз толгонуп, сарсанаага батат. Сырттан окугандардын билим сапатын кантип көтөрүү керек деген маселенин тегерегинде күн-түн ой чуркатып, башын катырат. Сессиялык жана мамлекеттик экзамендердин, бүтүрүү сынактарынын жана жайкы кабыл алуу экзамендеринин жыйынтыктарын, көрсөткүчтөрүн, натыйжаларын, студенттердин билим алууга болгон жеке мамилесин, окуу процессинин уюштурулуш шарттарын, окутуунун мазмунун, объективдүү жана субъективдүү себептерди үңүлүп талдайт. Натыйжада, төмөнкүдөй себептерди өз кесиптештеринин жана коомчулуктун алдына алып чыгат. Б. Мурзуибраимовдун «диагнозу» боюнча сырттан окутууга өзүнүн терс таасирин тийгизип жаткан негативдүү факторлор мына мындай болуп чыкты:

1. «Заочныйга» боло берет деп, эптеп-септеп «3» алгандардын бардыгын билимине, шык-жөндөмүнө карабай, планды толтуруу үчүн окууга кабыл ала берүү. Бул экзаменатор-мугалимдердин, администрациянын көнүмүшү.
2. Жайкы, кышкы сессияларда экзамен, зачетторду алуунун формалдуулугу.
3. Мектепте берилген билимдин тайкылыгы.
4. ЖОЖдо окутуунун мазмунунун, окутуу методдорунун жаңыланбагандыгы.
5. Мектеп, райондук билим берүү органдары менен болгон байланыштын начардыгы.
6. Айыл жерлеринде китепканаларда тиешелүү, керектүү адабияттардын өп-чаптыгы, кээде жоктугу, болсо да орус тилинде экендиги, кыргызчага которулбагандыгы.
7. Сырттан окуган абитуриенттерди профориентация аркылуу, педагогикалык шык-жөндөмүнө карай тандап алуунун жолго коюлбагандыгы.
8. Өз мугалиминин ЖОЖдо сырттан окуу бөлүмүндө кандай окуп жаткандыгына мектеп дирекциясынын, райондук билим берүү бөлүмүнүн кызыкпаган кайдыгерлиги.
9. Тогузунчу себеп жөнүндө Б. Мурзуибраимов мындайча жазат: «Эң башкысы-студенттердин өздөрү терең билим алууга кош көңүлдүк менен мамиле жасашат. Кирүү экзаменин тапшырып, биринчи курска кабыл алынса эле болгону, институтту бүтүп алышкандай эркин боло түшүшөт. Көрсөтүлгөн адабияттарды окуп, контролдук жумуштарды жазууга, зачет, экзамендерди өз убагында тапшырууга жоопкерсиздик менен карашат. Натыйжада программалык материалдарды өздөштүрө алышпай, курстан курска көчпөй калган же бир эле предметтен үч-төрт жылдап экзамен тапшырууга кудурети жетпей турган сырттан окуучулар да жүздөп саналат».

Б.Мурзуибраимов 1970-жылдары койгон мындай «диагностика» Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын сырттан окуу бөлүмдөрү үчүн бүгүн да, XXI кылымдын алгачкы 15 жылдыгы үчүн да кашкайган чындык, турмуш реалдуулугу бойдон калууда. Бектемир аалымдын макалаларынын эскирбеген актуалдуулугу ушунда болуп отурат.

Ал эми проректор Б. Мурзуибраимовдун жетекчилиги менен социализм заманында, сырттан окуу бөлүмүндө жүргүзүлгөн иш-чаралар азыр да ЖОЖдор үчүн өрнөк алчу сабак дегибиз келет. Өткөн кылымдын 70-жылдарынын биринчи жарымында Ош областы боюнча 20 миң мугалим мектептерде иштесе, алардын дээрлик жарымы жогорку билимге ээ эмес болгон. Ошон үчүн жогорку билимге ээ эмес мектеп мугалимдеринин кыйласы Ош пединститутунун сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери эле. Б. Мурзуибраимов институттун сырттан окуу бөлүмүнө студенттерди тандап кабыл алууга, кышкы, жайкы сессиялардын сапаттуу өтүшүнө, мамлекеттик экзамендерге көзөмөлдү күчөткөн. Институттун китепканасы жаңы илимий адабияттар, окуу китептери, окуу куралдары менен толукталган. Окууга жоопкерчиликсиз мамиле жасаган студенттерге «боорукерлик» кылуу токтотулуп, аларды окуудан кылчактабастан чыгаруу жүргүзүлгөн. Райондук билим берүү бөлүмдөрү, мектеп дирекциясы менен тыгыз байланыш түзүлүп, алар менен сырттан окуучулардын жетишүү-катышууларынын абалы, жогорку билим алуунун сапатын жогорулатуунун жолдору жөнүндө биргелешкен кеңешмелерди өткөрүү практикаланып турган. Булар «заочниктердин» катышуусу менен өткөрүлгөн. Сырттан окуучулардын окууга болгон мамилеси талкууланып, алардын жекече өзгөчөлүктөрү үйрөнүлүп, ар бир студентке индивидуалдуу мамиле жасоо маданиятына маани берилген. Эң жакшы окуган «заочник» студенттердин иштеген мектеби-

не институт тарабынан «ыраазылык кат» жиберип туруу уюштурулган. Институттун мугалимдери жер-жерлерге барып, сырттан окууну жакшыртуу боюнча консультацияларды өткөрүп турушкан. Аудиториялык лекцияларга жана семинарларга коюлган талап күчөтүлгөн. «Заочник» – студенттердин окууга болгон жекече жоопкерчилиги арттырылган. Кафедралардын, факультеттердин окутуучулары экзамен, зачеттордун жоопкерчилиги, калыстыгы үчүн активдүү күрөш алып барышкан. Студенттердин курстук жана текшерме (контролдук) иштерин, өз алдынча аткарган жазуу жумуштарын катуу талап коюу менен кароо, көзөмөлгө алуу жолго коюлган. Сырттан окуу бөлүмүнө көрүнгөндү ала бербей, мектепте иштеп жаткандарды кабыл алууга артыкчылык берилген. Натыйжада, 1974-жылы Ош пединститутунун сырттан окуу бөлүмүнүн студенттеринин жетишүү көрсөткүчү 68,5% процентти түзүп, курстан курска шарттуу көчүрүлгөндөр азайып, «4» жана «5» деген бааларга окугандардын саны арбып, кыскасы, бүтүндөй алганда пединститутта сырттан билим берүүнүн сапаты жогорулап, мектептерге теориялык жана практикалык даярдыгы жетилген адистер жөнөтүлө баштаган.

Бүгүнкү күндө республиканын ЖОЖдорунун сырттан окуу бөлүмдөрүндө ушундай иштер аткарылып жатабы? Аткарылмак түгүл, анын караанı да көрүнбөйт. Бүгүнкү коррупциянын доорунда **жогорку окуу жайларында билим үчүн эмес, диплом үчүн күрөш алдыңкы планга чыккандыгы кимге белгилүү** эмес? **Бүгүнкү контекстен караганда, Бектемир Мурзуибраимовдун** өткөн кылымдын **70-жылдарында** сырттан окуунун **сапатын жакшыртуу үчүн** болгон чыныгы атуулдук кужүрмөн күрөшү билим берүүбүздүн тарыхынын алтын барагы катары көз алдыга тартылат.

***Б. Мурзуибраимовдун*** «Мугалим-мөмөлүү дарак» китебиндеги макалалар билим берүүдөгү сапат үчүн болгон күрөштүн тарыхын чагылдырып тургандыгы үчүн гана **маанилүү эмес, ошону менен бирге автордун личностун, анын инсан катары бөтөнчүлүгүн, жеке индивидуалдуулугун күбөлөп бергендиги, окумуштуу-атуулдун өмүр-жашоосунун пафосун ачыктап-айкындап тургандыгы менен да кызыктуу. Караңызчы, Бектемир окумуштуу сырттан окуу бөлүмүнүн ишин жакшыртууга кандайча чын пейлинен, ак жүрөгү менен киришкен! Ишке баш оту менен киргенин көр! Кандай жоопкерчиликтүү инсан! Кандай активдүү жетекчи! Коомдун кызыкчылыгы үчүн атуулдук-патриоттук позицияны тутунуп, ишке көөдөнү менен түртүп алдыга жылдыруу үчүн күн-түн от болуп күйгөн, кара жанын карч урган, жамаатты шыктандырып, артынан ээрчиткен Бектемирдей жаркын жаран арабызда көп болсо гана, атаганат.**

Дал ушундай атуулдук-жарандык ак жүрөк азаматтыгы үчүн аны ошол эле Ош пединститутунун күндүзгү биология факультетинин декандыгына дайындашат. Бирок Б. Мурзуибраимовдун бир гана биология факультетинин чегинде ойлонбой, бүтүндөй институттун тагдырын көз алдында кармап турган масштабдуу инсан экендиги, чыныгы окумуштуу-гражданин экендиги «...Мөмөлүү дарактагы» «ОшПИнин окумуштуулар кеңешине талкуута сунушталган проблемалар жана сунуштар» аттуу макаладан айкын көрүнөт. 1986-жылы республикалык активде сүйлөгөндөн кийин анын демилгелүүлүгү ого бетер ташкындап, күч алыптыр.

Окумуштуулар кеңешинин кароосуна коюлган аты аталган макала (1987-жыл) ошол эски көнүмүштөргө жана коммунисттик догмаларга чулганып турган заманда, чынын айтыш керек, капыстан чагылган чарт-чурт этип, күтүүсүздөн күн күркүрөгөндөй эле болгон. Сенектикке тушуккан (ошол мезгилдин термини) ал доордун контекстинен караганда, Б. Мурзуибраимовдун бул макаласы тынчтыкты бузган, Ош пединститутунда гана эмес, дегеле консерватизмге баткан коомдук чөйрөбүздө «нештатный ситуацияны» жараткан, өзүнүн реформачыл духу, кайра куруунун, жаңылануунун пофосун жалбырттатып күйгүзгөндүгү менен айырмаланган. Б. Мурзуибраимов төгүндөлгүс фактыларга таянуу менен институттун башкаруу аппаратындагы бир канча ондогон жылдардан бери орун алып келаткан бири-бирин кайталаган структураларды, штаттык кызматтарды кыскартууну, окуу жайдын жетекчилик аппаратын реформалоону, профессордук-окутуучулар курамын сапаттык жактан жакшыртууну, эт менен челдин ортосунда жүргөн ниети, иши таза эмес, билимсиз окутуучулардан кутулууну, мугалимдик кесипке педагогикалык шык-жөндөмү барларды тандап кабыл алууну, кирүү, кабыл алуу экзамендеринин учурундагы коррупцияга бөгөт коюп, калыстыктын, адилеттүүлүктүн, ачык-айкындыктын атмосферасын орнотууну, окутуудагы эски көнүмүштөрдөн арылууну, бардык жагынан тазаланууну, окуу планындагы көп предметтүүлүктү кыскартууну, идеологиялык чечендерди эмес, өз предметин терең билген адистерди даярдоого көңүл бурууну, мамлекеттин колун карап отура бербей, рынок мамилелеринин багыты менен жаңы инновациялык кадамдарды жасап, окуу жайдын өзүнүн өз алдынча экономикасын жаратууну, эски алкактарды бузуп, өнүгүүнүн жаңы горизontторуна чыгууну Окумуштуулар кеңешинин алдында кабыргасынан койгон жана өзү жетектеген биология факультетинин мисалында рынок экономикасына өтүүнүн долбоорун сунуштаган.

Ошол мезгилдин шартынан алып караганда, Б. Мурзуибраимовдун биология факультетин өнүктүрүү долбоору өтө кызыктуу, жаңычыл ойлорго, инновациялык иш-аракеттерге бай, Горбачевдук кайра куруу идеологиясын жергиликтүү кыртышка трансформациялаган келечектүү долбоор болгон. Декан Бектемир Мурзуибраимовдун дегеле институттун окуу-тарбия ишинин мазмунун, экономикасын кайра куруу боюнча 1987-жылкы долбоору бүгүнкү Ош мамлекеттик университетинин демократиянын жана эгемендүүлүктүн шартындагы алгалаган өнүгүүсүнүн башатында турат десек жаңылышпас элек. Бектемир аалым Ош пединститутунда инновацияны баштоонун пионерлеринен болгон. Анан калса, айта кетели, ошол Окумуштуулар кеңешине алып чыккан сунуштарында Б. Мурзуибраимовдун компартиянын сүйүктүү расмий предметтери болгон «Саясий экономиянын», «Илимий атеизмдин» биология, химия адистерин даярдоого тиешеси аз, артыкбаш предметтер экенин жарыя кылганын карабайсыңбы? Акимчил-буйрукчул системанын идеологиялык расмий предметтерине коркпой «кол салган» ошондогу жаш декан Бектемирдин жүрөктүүлүгүнө тан бербей койбойсуң. «ОшПИнин окумуштуулар кеңешине талкуута сунушталган» макалада Бүгүн да жаакты таянып ойлонуп окуй турган барактар бар. Окумуштуу Бектемир мектептеги бири «3кө», экинчиси «5ке» окуган баланын «3кө» окуганы жогорку окуу жайына өтүп, «5ке» окуган окуучунун окууга өтпөй калыш фактысынан улам мына мындай ой жүгүртөт: **"Айрым учурларда жогорку окуу жайына отличник окуучу өтпөй калат да, орто окуганы өтөп кетет. Орто же начар окуган бүтүрүүчүнүн жогорку окуу жайына**



**өтөп кетиши экзаменатор жана кабыл алуу комиссиясы үчүн кечирилгис күнөө деп эсептеймин. Анткени, жаш адамдын келечек тагдырына карата болгон ушул сымак калпыс мамилебиз менен биз биринчиден журт көзүнү өзүбүздөн калыссыздыгыбызды,таза эместигибизди айгинелейбиз. өзүбүз туурасында начар пикирлерди пайда кылабыз. Экинчиден, мектептердеги зээндүү окуучуларды тарбиялаган мугалимдердин чоң коллективинин он жылдык эмгегин жокко чыгарабыз. Биздин ушундай ишибизден кийин окуучулар, алардын ата-энелери окуунун сапатына көңүл бургулары келбей калышат да, эптеп эле тааныш-тамыр издешип, тыйын-тыпыр чогултууга далалаттанышат. Бу сымак терс көрүнүш өтө чоң адеп-ахлактык деградацияга алып келээрин ойлойт болду бекенбиз? Жогорку окуу жайларында орун алган ушул өңдүү осол иштерди көрүп билип турушса да, ар кыл деңгээлдеги комиссиялардын маалыматтары менен кабардар болушса да, тиешелүү жетекчилер күнөөлүү мугалимдерди жоопкерчиликке тарттырып, чара колдонушпайт. Мындай ашкере боорукерликтин башкы себеби эмнеде? Менимче, анын эки жүйөөсү болсо керек. Биринчиден, өзүбүздөгү «осолдукту» сыртка чыгарбай, «жабылуу аяк-жабылуу бойдон» калышын көздөйбүз. Экинчиден, ошол күнөкөр экзаменатор же комиссия мүчөлөрү жетекчи-чоңго «белгилүү даражада «кызмат өтөшө»ыктымал. А, болбосо, эмне үчүн антипедагогикалык иш жасап, акча-тыйынга ыйман дүйнөсүн саткан адам мыйзам алдында гана эмес, кур дегенде өзүнүн инсандык абийири алдында, бирге иштешкен кесиптештеринин алдында моралдык суракка алынып, моралдык «жоопкерчиликке» тартылбашы керек?»** («Окумуштуулар кеңешине талкууга» макаласынан).

Б. Мурзуибраимовдун бул ойлору Окумуштуулар кеңешинин «чекесинен тер чыгарбай» койбосо керек. Окуу жайда тымызын жасалган окутуучунун терс жоругу, кылмышы, чыкынчылыгы жабыкта жашыруун калбай, баары бир астыртан таасири жайылып, коомду, чөйрөнү ичтен иритип, моралдык пайдубалыбызды жемирип-жеп, түбүнөн бузган факторго айланары, жамандык учурунда ооздукталып, кечиктирилбей жазаланышы керектиги жөнүндөгү илимпоздун ойлору социалдык-философиялык, педагогикалык-психологиялык жактан абдан олуттуу, ошондой эле, бүгүнкү колррупцияга баткан заманда ар кимди ойлондура турган актуалдуу ойлор.

Мектептер үчүн өз кесибин сүйгөн, өз предметин терең билген чыныгы педагогдорду татыктуу даярдоо идеясына Б. Мурзуибраимовдун чындап берилгендиги, абитуриенттерди студенттикке кабыл алуу ишин кайра куруу боюнча күйүп-бышып жүргүзгөн кужүрмөн күрөшү анын «Кирүү экзамендери башталар алдындагы ой» аттуу макаласынан («Мугалимдер газетасы», 22-апрель, 1988-жыл.) көрүнүп турат. Чындыгында, ОшПИнин биология факультетинде декан Бектемир Мурзуибраимов жайкы кабыл алуунун калыстыгына, тазалыгына, объективдүүлүгүнө, ачыктыгына жетишип, кирүү сынагында көптөн бери орун алып келген коррупцияга сокку уруп, башкаларга өрнөк болгон. Б. Мурзуибраимов декан болуп турганда мектептерде окуучулар арасында кесипке багыт берүү иши күч алып, педагогдук кесипке жөндөмдүүлөрдү тандоо, биология, химия боюнча билими мыктыларды жер-жерлерден издеп табуу, бул боюнча иштин түркүн формаларын жана усулдарын колдонуу абдан активдешкен. Абитуриенттерди студенттикке кабыл алуунун негизги критерийи-жаш адамдын билими жана шык жөндөмү болуп калышы үчүн Б. Мурзуибраимов жана анын идеалаштары тикелеринен тик туруп мээнеттенишкен.

Б. Мурзуибраимов жайкы кабыл алуу учурундагы экзамен ачыкка чыгарган мисалдарды, көрсөткүчтөрдү кышкы, жайкы студенттик сессиялардын натыйжаларын аналитикалык талдоого алып, абитуриенттердин жана студенттердин биология, химия боюнча билимдериндеги өксүктөрдү, кейиштүү кемчиликтерди педагогикалык коомчулуктун алдында алып чыгып, мугалимдердин август кеңешмелеринде жарыя кылып, мектептерде биология, химия предметтерин окутууну жакшыртуу маселесин байма-бай көтөрүп турган. Декандын мындай кадамы педагогдордун жыйындарында чоң эффект жаратчу.

Мына ошентип, профессор Бектемир Мурзуибраимов жетекчилик кылып турганда ОшПИнин биология факультети жаңы тепкичке көтөрүлүп, кыйла эле гүлдөп, өсүп-өнүгүүгө жетишкен. Коомдук, мамлекеттик ишти ыйык көрүп, ага ак пейили, чын жүрөгү менен берилип, бүткүл жан-дилин, энергиясын арнап кызмат кылган Бектемир аалымдай инсандар азыркы өзүмчүл, коррупционер, мансапкор, дүнүйөкор чиновниктерге белинен бастырган Кыргызстан үчүн аба менен суудай керек болуп турбайбы.

**Б. Мурзуибраимов декандык кылган жылдар ОшПИнин тарыхынын жаркын барагы катары баалануугa татыктуу. Азыркы билим берүү тармагындагылар Б. Мурзуибраимовдун өйдөкү «Кирүү экзамендери башталар алдындагы ой» макаласын кез-кези менен** окуп, тазаланып, ойго чөмүлүп турушса жакшы болоор эле.

Солкулдаган жаш жигит кезинен тагдыры пединститут менен байланышып калгандыктанбы, же өзүнүн гумандуу табиятынанбы, айтор бүгүнкү академик агайыбыз, дегеле мугалим темасын өмүр бою көңүлүнүн чордонунда алдейлеп, эсинен түк чыгарбады. Жөнөкөй окутуучу болуп иштейби, декан болобу, илимдер академиясында директор болобу, депутат, төрага болобу, кайсы гана кызматта жүрбөсүн, кайсы гана учурда болбосун окумуштуубуздун күн-түн ойлонгону мектеп мугалиминин тагдыры, көйгөйү болду. Алды жакта кеп болгон макалаларынан башка да, китепке кирген **«Макаренко муңайганда» («Кыргыз туусу», 19-22-ноябрь, 1999-ж.), «Мугалимдерге кайдыгер карабайлы» (КТР-Обо, 3-ноябрь, 2008-ж.), «Абалың кандай мугалим?» («Кыргыз туусу», 26.09.2008-ж.), «Мугалимдердин эмгеги жогору баалануугa тийиш» («Кут билим», 05.10.2007), «Мугалимдин эсебинен каражат үнөмдөө-өлкөгө жасалган кыянатчылык»** («Кыргыз туусу», 01.10.2010) сыяктуу макалалары ж.б., материалдары дагы эле мугалим проблемасына арналган жана бул эмгектер өзүнүн терең гуманисттик мазмуну менен өзгөчөлөнөт десек туура болоор.

**(Уландысы бар)**

Советбек БАЙГАЗИЕВ,
КР Эл Жазуучусу, филология илимдеринин доктору, профессор

# НАРКТУУЛУК БАЛА КЕЗДЕН БАШТАЛАТ



***КР Конституциянын 21-беренесинин жоболорун өлкөбүздүн Президент Садыр Жапаров өзүнүн үстүбүздөгү жылдагы «Улуттук нарк жөнүндөгү» Жарлыгында бекемдеп жана конкреттештирип, алдыга төмөндөгүдөй актуалдуу милдеттерди койду: «Нарктуулук, үй-бүлөдөн башталарын эске алып, өлкөнүн эң негизги ресурсу катары салттуу үй-бүлөлүк баалуулуктарды жайылтуунун артыкчылыгы; коомдун нарктуу өкүлүн жана нарктуу мамлекеттик кызматчысын калыптандырууда мамлекеттик тилге жана тарыхый баалуулуктарга өзгөчө көңүл буруу; улуттук нарктуулукту жайылтууда ийгиликтерге жетүү үчүн ар бир муундун физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша усулдарды, талаптарды иштеп чыгуу». Мына ушинтип, Президенти Жарлыгында мекенчилдикти, атуулдукту тарбиялоонун булагы катары улуттук нарктуулукту аныктады. Муну эгемендүү Кыргыз Республикасынын социалдык-педагогикалык ой-пикиринин тарыхындагы өзүнчө бир бурулуш жаңы нук, катары баалоого болот.***

## ҮЧ ЖАШТАН КИЙИН КЕЧ



Сөзүбүздүн аягында айтылган ойлордун контекстинде төмөнкүдөй орчундуу маселеге көңүл бурмакчыбыз. Бизде көп учурда орто мектепти, жогорку окуу жайларын реформалоо жөнүндө көбүрөөк сөз болуп, ал эми бала бакчаны реформалоо жөнүндө азыраак сөз болуп келет. Чындыгында адамдын адам болуп түптөлүшүндө эң маанилүү роль үй-бүлөдөн кийин эле, бала бакча институтуна таандык эмеспи. Балдар – улуттун, коомдун келечеги дейбиз. Эгер бул анык болсо, анда келечек бала бакчадан башталат. Президенттин жарлыгында айтылган нарктуу коомдун башаты бала бакчада түптөлөт. Бүгүнкү күндө бала бакчада улуттук нарктарга, элдик баалуулуктарга негиздеп тарбия берүү актуалдуу. Конституциябызда тарбия максаты катары көрсөтүлгөн мекенчилдиктин, атуулдуктан, Президенттин жарлыгында белгиленген нарктуулуктун алгачкы өнүмдөрү адегенде бала бакчада көктөп, «бүчүр жарат». Кыргыз элинин этно педагогикалык акылмандыгы «Баланы жашынан тарбияга, чырпыкты жашынан ий», «Бала деген ушундай, колуңдагы кушуңдай, таптаганга жараша түшүм берет кызылдай» деп бекеринен макалдатып айткан эмес. Ал эми улуу педагог Макаренконун «бала 5 жашка чейин ким болсо, кийин да ошо болот» деген сөзү да, дайыма көңүл чордонунда кармай турган даанышмандык. Дегеле, бүгүн дүйнөлүк педагогика бала тарбиясына болгон өзүнүн көз караштарын өзгөртүп жатат. Педагогикалык психологиянын окумуштуулары баланын социалдашуусу эмчектеги ымыркай кезинен, а түгүл, андан да эрте башталарын, бала төрөлөрү менен маданий таасирлердин обьектисине айланарын, наристе «бешик ырынын» сөздөрүн түшүнбөсө да, анын мээримдүү илеби чүрпөнүн психикасынын аң сезимсиз катмарларында (безсознательный слой психики) из калтырарын жазып жатышат. Япондук инжере-психолог Масару Ибука өзүнүн «Үч жаштан кийин кеч» аттуу китебинде мындай бир мисалды келтирет:

«Жаш адисти чет өлкөгө иштеп келүү үчүн жөнөтүшөт, анын аялы болсо жаңы төрөлгөн кызы менен Тохокудагы өзүнүн ата-энесине барып жашап калат. Чоң атасы менен чоң апасы небересин абдан жакшы көрүшөт, аны менен көп ойношуп, сүйлөшүшөт. Бир жылдан кийин кыздын атасы сапардан кайтат, аялы ме¬нен кызы кайрадан Токиодо жашап калышат. Ал убакта алардын кызы сүйлөө үчүн абдан кичинекей эле. Бирок ал сүйлөй баштаганда ата-энеси таң калышат. Себеби алардын кызы сүйлөгөн сөздөрдүн бардыгы Тохоку диалектисинде эле. Үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү кадимки жапон тилинде сүйлөшөт, кыз гана диалект менен сүйлөйт. Ал тургай бир нече жылдан кийин кыз мектепке барганда да Тохоку акцентинен арыла албай жүрөт. Көрсө, бала сүйлөй баштаганга чейин эле алиги чоң атасы менен чоң энесинин диалектилик сөздөрү баланын мээсинин каналчаларына жайылган экен. Издер түшүп калгандан кийин аны өчүрүп, жаңысын кайрадан салуу абдан кыйынга турат. Балдардын кенже курагында тийген таасирлер өмүр бою өчпөс изин калтырат» (Масару Ибука. Үч жаштан кийин кеч. - Бишкек, 2015, 42-бет).

## БАЛАГА КЫРГЫЗ РУХУ НАРИСТЕ КЕЗИНЕН БЕРИЛСЕ

Япондук психолог келтирген бул таңгалычтуу факт уникалдуу болсо да, дегеле, баланын табияты миң сырлуу экенин, анын кабыл алуу жана эстеп калуу мүмкүнчүлүгүнүн ажайыптыгын, бугуп жаткан жашырун жөндөмдөрү мол экендигин күбөлөп турат. Келтирилген мисалдан улам кыргыздын дагы бир «Бала тарбиясы бешиктен» деген накыл сөзү да аргасыздан эске түшөт. Буга байланышту педагог Советбек Байгазиевдин көз караштарынан мисал келтирбей, мүмкүн эмес. С.Байгазиев япондук инженер-психологдун жогорудагы оюн кеңейткендей минтин жазат:

«Бир сөз менен айтканда, сүйүнчүлөө, бала оозантуу, көрүндүк берүү, жентек той, жентектөө, бешик той, тушоо кесүү сыяктуу керемет каада-жөрөлгөлөрдү жасоо учурунда өкүм сүргөн шатыра-шатман, ак көрпө жайыл маанайдын, аба жарып айтылган тилек-каалоолордун жаркын энергиясы ата-эненин толкунданган жан дүйнөсүндө аккумиляцияланып, алардын кубанычтан дүкүлдөп соккон жүрөгү, бакылдап ийиген эмчеги аркылуу балага өтөт. Бешикке салып жаткандагы «Азем бешигиңе жата гой! Атаң жаткан арча бешик, ак бешик сага кут болсун! Ата наамын сактаган эр болгун! Эне наамын сактаган уз болгун! Эл-журттун камын ойлогон шер болгун!» деген чоң эненин мээриминин ысык табынын алдында наристе магдырайт, мемирейт. Дагы айталы, энесинин кыңылдаган бешик ырынан төгүлгөн илептин алдында бала көшүйт. Тушоо кесүү маалындагы ата-энесинин, айланадагылардын жаркын жүздөрүнөн, кубанычтуу бака-шакаларынан наристе үйдө бир жакшылык болуп жатканын сезип, бети албырып, барбалаңдайт. Демек, өйдөтөгү шандуу каада-жөрөлгөлөр наристенин психикасына түздөн-түз таасирин тийгизет деп, ишенимдүү айтууга болот. Энесинин ичинде - «баланын үйүндө» биологиялык комфорттуу шартта жаткан бала, тышка чыкканда да өйдөкүдөй этномаданий комфорттуу жагдайга, гумандуу социалдык атмосферага туш болот. Мунун өзү баланын психикалык саламатчылыгы үчүн жагымдуу өбөлгө болуп кызмат кылат. Демек, кыргыз чөйрөсүндөгү жанагындай этнопедагогикалык гумандуу иш-чаралар баланын адам болуп түзүлүшүнө өзүнүн үлүшүн кошот. Сүйүнчү, көрүндүк, жентек той, бешик той, тушоо той салттары баланы социалдаштыруунун өзүнчө бир кыргызча стили, өзүнчө бир кайталангыс этнопедагогикалык усул десек болот» (С.Байгазиев. «Кыргыз элинин этикалык жана этнопедагогикалык асыл-нактары» - Бишкек, «Алтын тамга». 2019, 75-бет).

С.Байгазиевдин кыргыздын этнографиялык, этнопедагогикалык салттарынан чыгып, айткан бул жаңы жана терең баамчыл ойлору, ошондой эле япондук наристенин мисалы баланын тарбиясын кенедей кезинен баштоо жөнүндөгү элдин жана дүйнөлүк ойлорду ого бетер тастыктап турат. Наристе чагынан жан дүйнөсүнө «себилген» кыргыз рухунун, Манас рухунун, элдик нарктуулуктун «үрөндөрү», баланын кабыл алгыч, сергек, сезимтал, таасирленгич жан-жаратылышына мөөр болуп басылып, анын келечекте өз мекенинин ата-бабаларындай нарктуу болушуна өбөлгө болот. Дагы бир жолу айталы, нарктуу коомдун пайдубалы бала бакчада түптөлөт. Бала бакчалардагы тарбиялоону улуттук баалуулуктарга негиздеп кайра куруу зарыл. Балдардын жан дүйнөсүн азыктандыра турган кыргыз элинин гуманисттик руханияты калк жомокторунда, «Манас» баш болгон эпосторунда, балдар ырларында, балдар оюндарында, көркөм кол өнөрчүлүгүндө, этнографиясында, эне тилинде, адеп-ахлактык нарктарында, фольклорунда, маданиятында камтылган. Бул казына-байлыктар бала бакча программаларынын өзөгүн түзүүгө тийиш. Ошону менен бирге ушул казына-байлыктарды чүрпөлөрдүн көкүрөк-көөдөнүнө сиңире турган ийкемдүү методиканы табуу керек. Президенттин «Улуттук нарк жөнүндөгү» Жарлыгында «улуттук нарктуулукту жайылтууда ийгиликке жетүү үчүн ар бир муундун физиологиялык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша усулдарды иштеп чыгуу» керек делип бекеринен көрсөтмө берилген жок. Бул көрсөтмө мектепке чейинки тарбиянын адистеринин алдына улуттук асыл баалуулуктарыбызды бала бакчага трансформациялоонун илимий-усулдук негиздерин иштеп чыгуу боюнча актуалдуу милдеттерди коет.



## УЛУТТУН КОЛОМТОСУ УРАБАСЫН

***«Мамлекеттик башкаруу системасында нарктуулуктун бузулушу ири дөөлөттөрдүн, өлкөлөрдүн урашына алып келген. Жаңы технологиялардын айдыңы менен ааламдашуунун чеңгелине кирип, өзөгүбүздү жана тамырыбызды жоготуп албашыбыз үчүн адилеттүүлүккө жана акыйкаттуулукка негизделген нарктуу коомду куруу үчүн токтом кылынат» деп алдыда потенциалдуу түрдө мүмкүн болуучу аккультурация коркунучун эсепке алып, Жарлык чыгарган Ажо буга чейин Кыргызстанда, чынында болгон эмес эле.***

Бир сөз менен айтканда, мекенчилдик жана атуулдук маданияты жогору жарандары бар нарктуу коомду куруш үчүн улуттук коломтобуздун ресурстарын каражат-курал катары түшүнүүбүз абзел. Бул идея мына ушинтип мамлекеттик деңгээлде расмий документтерде бекемделип отурат. Демек, өлкөбүздүн тарбия системасы үчүн жетекчиликке ала турган өзүнчө бир стратегия, идеологиялык багыт жаралды десек эч жаңылышпайбыз. Бул стратегия – улуттук баалулуктарга негизделген тарбия стратегиясы. Улуттук нарк-дөөлөттөргө негизделген тарбия багытын көптөгөн өнүккөн өлкөлөр эбактан бери эле колдонуп келе жатышат. Бул жагынан айрыкча Түркия, Япония, Өзбекстан, Кытай өлкөлөрү айырмаланышат. Бир эле мисал алалы. Маселен, Түркиянын расмий мамлекеттик документинде мындай деп жазылган: «Түрк улуттук билим берүүсүнүн максаты - түрк коомчулугунун бардык мүчөлөрүн Ататүрктүн • принциптерине, революциясына жана Баш мыйзамда көрсөтүлгөн Ататүрк мекенчилдигине ылайык түрк улутунун улуттук, нравалык, инсандык, руханий жана маданий баалуулуктарын кабыл алган, сактаган жана өнүктүргөн, үй-бүлөсүн, мекенин, улутун сүйгөн жана дайыма өркүндөтүүгө аракет кылган мекендештерди калыптандыруу» (Сервет Өздемир. Мугалимдик кесипке киришүү. – Бишкек, 2018, 194-бет). Албетте, жогорудагы өлкөлөр улуттук тарбия менен катар, өз жарандарын жалпы адамзаттык баалуулуктарга тарбиялоону да унутпайт. Кыргызстан да бул тажрыйбаны сөзсүз эске алууга тийиш. Улуттук баалуулуктар стратегиясына мамлекетибиз акыры келди. Бирок тарбия ишин баштоо али кеч эмес

Динара ДАНКЕЕВА,
Мугалимдердин билимин жогорулатуунун республикалык институтунун ага окутуучусу

# САНАРИП ДҮЙНӨНҮН АРТЫКЧЫЛЫКТАРЫ ЖАНА ТАЛАПТАРЫ

СТЕМ «ИЛИМ КЫЗ» интерактивдүү мектеби




***Учурда индустриялык коом маалымат доорунун таасиринде санариптик коомго өтө тездик менен өтүп жатат. Өзгөчө пандемия шартында адамзаттын маалымат технологиясына күнү түшүп, дүйнө боюнча компьютерлердин ар кандай түрүн, тиркемелерди дилгирленип окуп, түшүндүк. Бирок бүгүн окуган программа эскирип, IT-технологияларды кууп жете албай жаткан чагыбыз. Жакында "Роза Отунбаеванын демилгеси" эл аралык коомдук уюм И.Раззаков атындагы КТУнун студенттери, "Илимдеги кыздар" долбоорунун катышуучулары Карлсруэ (Германия) жана Уотерфорд (Ирландия) университеттеринин информатика жана экономика факультеттеринин бүтүрүүчүсү, Европадагы ири IT компания SAP SEнин улук инженери, Германиядагы "Kyrgyz-German IT Community e.V." - Кыргыз-Немис IT коомдук уюмунун активисти, экономист-программист Айзада АКБЕКОВА менен жолугушуу уюштурду. Айзада айым жаштарга санарип дүйнөнүн артыкчылыктары жана талаптары, Кыргызстандагы абал жана мүмкүнчүлүктөр тууралуу кызыктуу кеп куруп, суроолоруна жооп берди. Биз дагы кызыккан суроолорубузга жооп алдык.***

***– Айзада айым, айтсаңыз, Европадагы эң ири IT компаниялардын биринде иштейт экенсиз. Маалымат технологиялары жаатында адис болуу үчүн билим алуунун багыттарын айтып берсеңиз?***

– Дээрлик көпчүлүк тармактын иши IT-технологиялар аркылуу бүтүп жатканын көрүүгө болот. Эксперттер учурда адам баласы бардык тармакты автоматташтырып, ишти кагазы жок, адамдык фактор аз аралашкан, убакыт баш болгон башка бардык баалуу ресурстарды туура рационалдуу пайдаланууга өтө баштаганы көбөйгөнүн белгилешет. Учурдагы 4.0 индустриялык (Industrie 4.0) санариптешкен доордо жасалма интеллект (Articial Intelligence), роботтоштуруу (Robotics), 5G (5th Generation) мобилдик байланыштын 5-мууну, дүйнөдөгү баардык нерселердин байланышы (Internet of Thing), кибернетикалык ааламдагы коопсуздук (Cyber Security), виртуалдык-реалдуулук тогошкон аалам (мисалы Metaversum) тынымсыз өнүгүүдө. Ошондой эле ушул жогорудагы саналып өткөн бардык нерселер, эбегейсиз көп маалыматтар (Big Data), адамдардын, процесстердин (Internet of Everything) чогуу иштешине алып келип, маалымат иштетүү, эсептөө ар түрдүү "булут", "туман" жана четки инфратүзүмдөрдү (Cloud, Fog and Edge Computing) орун алып санариптештирүүдөгү өзгөртүүнү (digital transformation) ушунчалык тездик менен ишке ашуусу IT адистерине болгон суроо-талапты мындан дагы курчутат.

Эң башкысы - доор өзгөрүп жаткан маалда окуп, келечектин кесибин аркалоого умтулуу зарыл. Кыргызстанда учурда IT курстары, окуу жайлары, өзгөчө кыргыз жана англис тилдерин айкалыштырган демилгелер көбөйгөнү сүйүндүрөт.

***– Сизге Германияда IT тармакта кантип окууга өтсө болот, жумушка кантип орношобуз, визаны кантип алабыз деген суроолор көп берилди, дагы деле берилет болуш керек?***

– Туура. Мурун Германия чет өлкөлүк жарандарга жумушчу визаны берердин астында жогорку билимди талап кылчу, адистин жок дегенде бакалавры барбы деп текшерчү. Учурда профессионалдык IT кесип же интенсивдүү IT курстар жана үч жылдык жумуш тажрыйба менен Германиядан жумуш контракты менен виза алса болот деген мыйзам киргизилген. Немис тилин билгендерге артыкчылык берилип, бир жылдык эмгек акынын көлөмүн дагы мыйзамга ылайык текшеришет.

Негизи учурда биздин Кыргызстандагы журтташтар Германияга алгач улуттук виза менен ITге байланышпаган башка программа менен келип, ITдеги (Ausbildung) профессионалдык кесиптин аркалагандар арбыды.

Башка жогорку кесиптин ээси болгондор IT курстарды Германияда өзүндө жашап, офлайн же онлайн окуп, официалдуу сертификаттар, тажрыйбасы менен жумушка киргени көбөйдү. IT компанияларга кирүү үчүн кошумча IT курстардан окуп, ага байланышкан долбоорлорго катышып, программаланган коддорун атайын Интернет сервисти пайдаланып, GitHub сыяктуу порталдарга жүктөп, жумуш берүүчү компанияларды интервьюларда, конкурстарда ынандырышууда.

Европада соңку кезде кадр жетишпегендиктен IT курсту, өзгөчө программалоо курсун бүткөндөрдү жумушка көп алынууда. Бирок бул процесс жай жүрүп жатканы байкалат.

Германиядагы билим берүүнүн өзгөчөлүгү - ал жерде мамлекеттик 300дөн ашык университеттерде немис тилинде бардык окуулар бекер. Университеттин административдик сервис (семестрдик жол акысы, студенттик билети ж. б. ) үчүн 100-500 евро төлөсө болот. Мындай акча Кыргызстанда деле төлөнүп жатпайбы. Германияда 16 федералдык аймак бар. Бир гана Баден-Вюрттемберг аймакта контракт 1500 еврону чапчыйт. Англис тилинде окуганга мамлекеттик университеттерде дагы мүмкүнчүлүктөр бар, бирок аз. Айрыкча менчик университеттерде англис тилинде контракттык негизде окуса болот. Кесиптик билим (Ausbildung) англис тилинде сунушталганы өтө аз.

***– Германияда окуунун эмне өзгөчөлүгү бар?***

– Окуу сапаты мыкты. Коррупция жок. STEM багыты боюнча Германияда деле 100 бала окууга өтсө, анын ичинен 37 гана бала техникалык тармактарга барса дагы, окууну аягына чыкканы 20 экен. Эми кыргыз жаштары Германияга окууга тапшыруу үчүн аттестат жакшы болуш керек. Анткени, конкуренция чоң. Өлкөнүн уникалдуулугу айылдык, шаардык деген түшүнүк жок. Кезегинде хандар, герцогдор, байлар университеттерди түптөп башташкан, кийин активдүү жарандардын демилгелери менен окуу жайлар көбөйө берген. Окуу жайлардын саны 420дан ашат. Учурда Германияга 100 миңдей IT адистери жетишпейт.

***– Сиз жолугушууну кыргыз тилинде алып бардыңыз. Эмне үчүн кыргыз тилинде санариптештирүү боюнча маалымат берүү өтө маанилүү?***

–2022-жылдын статистикасына таянсак, Кыргызстанда 17 жашка чейинки балдардын саны эки миллиондон ашат. Калктын калың катмары региондордо жашайт. Бишкекте орус тили басымдуулук кылганы менен, региондордо кыргыз тили колдонулат. Негизи ITнин тили англис тили, бирок калк арасына санариптештирүү эмне үчүн зарыл экенин, айрыкча, ата-энелерге кыргыз тилинде түшүндүрүү - мезгилдин талабы.

Учурда Германияда IT жаатында эмгектенген кыргыздар чогулуп, "Kyrgyz-German IT Community e.V." – Кыргыз-Немис IT коомдук уюм ачып жатабыз. Ал бизнес эмес. Биз Кыргызстандагы, айрыкча, региондо IT, санариптештирүү боюнча маалымат жетишпеген жаштар менен иштеп, дүйнөдөгү өлкөлөргө чыгарып, тажрыйба топтогонго, Германиядан кантип бекер билим алса болот деген маалымат берип, көмөк көрсөтөбүз.

Дүйнө өнүгүп жатат, эшикте 4.0 санариптешкен индустриялык революция. Маселен, санариптештирүүнү жөнөкөй сөздөр менен түшүндүрсөм мындай.



Үйдө ата-эненин эски альбому бар. Эски сүрөттөр азыркы жаңы технологияларда сакталган эмес. Аны электрондук вариантка салуу үчүн сканерден өткөрүп, же сүрөткө тартып алып, жакшы сапат менен сактап алышыбыз керек. Ушундай жөнөкөй мисал - санариптештирүүнүн алгачкы кадамы - (Digitization) эски маалыматты компьютер, жаңы IT технологиялар түшүнө алчу санарип форматына өткөрүү. Дегеле бизди курчап турган нерсенин баары маалымат: мисалы, үйүңүздүн документтери, параметрлери, дарыгерге барган бейтаптын диагнозу, абаырайынын өзгөрүүлөрү ж.б.

Эски бардык маалыматтарды (сүрөт, кино, видео, текст ж.б. татаал структуралар) санариптик форматка өткөрүп алып, т.а. өткөн чакты санарипке даярдайбыз. Экинчи кадамы - (Digitaliziation) ошол биринчи тепкичтеги маалыматты топтоп, дизайнын түзүп, эски менен жаңы санарип сүрөттөрдү бириктирип, коллаж менен календарь жасап, үйгө илип койсок болот. Санариптештирүүнү күнүгө бизнесте, техникада, индустрияда, коммуникацияда, медицинада – дээрлик бардык тармактарда пайдалана алабыз. өнүккөн фазасында SMART деген сөз кошулуп, календарыбыз, машинабыз, үй, телефон, кыскасы, баары акылдуу, интернет аркылуу сүйлөшөт. Мисалы, кир жууган машинага айна керек. Үйдөгү электрондук календарь, Амазон дүкөнү менен байланышкандан кийин курьер ай сайын бир таңгактан алып келип турат. Бул жөнөкөй жагы. Медицинада, мисалы, жылына эки жолу тишти тазалатып туруу керек. Дарыгердин офиси менен бейтаптын календары байланышып, пландап, эстетип турат. Акылдуу машина автоматтык түрдө парковка кылып, жол эрежесин сактоого үйрөтүүсү эчак реалдуулукка айланган. Жол тыгындарда машиналар бири-бири менен секундалык тездикте сүйлөшүп, чоң кырсыктын алдын ала алышат. Айтор, өзүңүз баамдагандай, бул чоң санариптик өзгөрүү (Digital Transofmation), маанилүү доор.

***– IT кайсы тармакты өзгөрттү?***

– Жашообуздун дээрлик бардык катмарына IT кеңири кулач жайып кирип келди. Алыста туруп эле WhatsAppтан, Telegramдан видео сүйлөшүү, үйдөн чыкпай туруп эле банк карточканы пайдаланып, чөнтөк телефонун колдонуп, эч убарасы жок, эки-үч саат кезек күтпөй, "касса жабылып калды" дебей эле 24 саат бою, жуманын бардык жети күнүндө оңой эле самолетко билет сатып алуу кадимки көрүнүш. IT кесипти жайылтышыбыз керек, жалаң эле инстаграм, фейсбук менен отурбай, код жазганды, техниканы түшүнгөн кесиптешерибизди да даярдашыбыз керек. Санариптештирүү ийгиликтүү иштөөсү үчүн Интернеттин ылдамдыгы, сапаты жакшы болушу керек. Жалпы IT инфраструктура, анын ченемдери ишке кирип, компьютер, уюлдук телефон, планшеттер (Hardware) жана программалар (Software) жетиштүү болуп, ITдеги коопсуздук сакталышы зарыл.

***– Кыргызстандагы абал жана мүмкүнчүлүктөр кандай экен?***

– 2022-статистикага кайрылсак, Кыргызстанда жети млн чукул адам бар. Эки млн ашыгы гана чоң жана кичи шаарларда жашап, элетте эл көп. Жаңы төрөлгөн балдардан 18 жашка чейинкилерди карасак, 2,5 млн жаштар экен. Биз жаш калкпыз. Андыктан STEM багыты абдан маанилүү. "Илимдеги кыздар" долбоорунун катышуучулары жана Германиядагы "Kyrgyz-German IT Community e.V." IT адистиктеги кыздар биригип, жакшы иш-чара өткөнбүз. Айылдык балдарды, кыздарды кантип ITге тартабыз деп. Кыргызстандык ата-энелерге балдарына кесип тандоону түшүндүрүп берүүнү барылап колго алалы! Санариптештирүүнүн маанилүүлүгүнөн такыр маалыматтары жок болгон учурлар кездешүүдө. Элет жериндеги кыздарды табигый илимдерге тартуу үчүн билимге даваат айтып бериш керек окшойт. Айылдан чыккан кыздардын ийгилигин көрсөтүшүбүз керек. Менимче, билимдин кадыр-баркын арттыра беришибиз керек. ITинин уникалдуулугу ушунда: кыска учурдун ичинде бул кесиптин босогосун аттаганга. иштегенге мүмкүн. Биздин жаш муун билимге умтулуп, кыргыз өлкөбүздүн келечеги кенен болсун!

Маектешкен Гүлнара АЛЫБАЕВА, "Кут Билим"



# БАЛДАР ҮЙҮНДӨГҮ ЫПЫСЫК НАН ЖАНА ЫКТЫЯРЧЫЛАР

***Тоолуу өлкөбүздө ыктыярчылык иштери кадам сайын жолукпаса да, ара чолодо учурап калат. Ишемби күнү Токмоктогу Чүй жатак-мектебинде ушундай ак пейил адамдардын аракетине күбө болуп кайттык.***



Бул күнү мугалимдер менен тарбиячылар шаардык ишембиликте экен, бизди эшик алдынан китепканачы Нургүл Молобекова тосуп алып, жатак-мектептеги акыркы жагымдуу жаңылыктар менен учкай тааныштырып, анан түз эле мындагы тарбиялануучулардын сүйүктүү жайы – китепканага жол баштады.

Эртең мененки убакыт болсо да китепкана ичи бош эмес. Кирип-чыккан көп.

– Алгач 2004-жылы тарбиячы болуп ишке орношком. 2009-жылы Токмоктогу маданият колледжин аяктагандан бери китепканачы болуп иштеп жатам, - деди Нургүл.

Китепкана чакан болгону менен текчелерине тизилген кызыктуу китептер көргөн адамдын көз жоосун алат. Баары ирети менен коюлуптур. Былтыркы "Активдүү окурман" сынагынан баян салган сүрөттөрдү карап жаттык. Жеңүүчү аталып, телефон, смарт саат, кулакчынды белекке алган окуучулардын жыймайган сүрөттөрүн көрүп, арадан жыл өтсө да таймашта жылдызы жанган балдар-кыздардын кубанычына орток болдук.

Китепканачы өзүнүн көп жылдык табылгаларынан да айтып отурду.

– Башталгыч класстардын окуучулары сүрөттүү китептерди жакшы көрүшөт. Никита аттуу окурманым бар. Китептин сүрөттөрүн көрсөтүп, баш жагын айтып берем. Эртеси келип, "Менин жанагы китебим кана?" деп сурайт. Ошентип, шар окуганды үйрөндү, - дейт Нургүл.



Китепканачы демөөрчүлөрдүн жардамына ыраазы экенин айтат. Китепканада 3000 китеп болсо, анын миңдейи окуу китептери экен. Быйыл демөөрчүлөр 10-11-класстын окуучуларына жаңы окуу китептерин сатып бериптир.

Өмүрүн ушул сыймыктуу кесипке арнаган Нургүл Молобекова менен жылуу коштошуп, ишемби күнү өтүлүүчү ыктыярчы мугалимдердин сабактарына бет алдык.

Биз баш баккан класста "Жароокер" кайрымдуулук фондунун ыктыярчысы, мекендешибиз Илгиз Абдымомунов өспүрүмдөргө англис тилинен сабак өтүп жатыптыр. Мугалимдин уруксаты менен сабакка кирип, окуучулар менен мугалимдин окуу ишмердигине байкоо салдык. Жалаң англис тилинде сүйлөп жатышты. Түшүнбөгөн сөздөрдү балдардын эне тилинде жазып бергени, кырдаалдар боюнча окуучуларды жандуу пикир алышууга тартканы, ар кандай интерактивдүү усулдар аркылуу балдарды англис тилинде сүйлөөгө эмитен багыттап жатканы жакты. Окуучуларынын арасында англис тилинде өз оюн билдирип, сүйлөп калгандары бар экен. Ушуга биз да кубандык. Сабактын соңунда ыктыярчы мугалим менен кенен пикир алышканга да үлгүрдүк.

– Сабактарыбыз ишемби күндөрү гана өтүлөт. Ошентсе да, англис тилин үйрөнүүгө өспүрүмдөрдүн кызыгуусу зор. Мен 2019-жылдан бери мында келип, сабак берип жүрөм. Учурунда балдар үйүнөн тарбия алган, азыр англис, корей тилинде эркин сүйлөгөн тааныштарымды, өз ишинде ийгиликке жеткен ишкерлерди да чакырып турам. Алар убакытты кантип туура бөлүштүрүү керек, акчаны кантип үнөмдүү пайдаланса болот, максат коюп жашоонун артыкчылыгы жөнүндө айтып беришет. Жакында англис тилинен практикалык сабакка чет өлкөлүк досумду чакырам. Ал бир аз болсо да кыргыз тилин билет, - деп айтты ыктыярчы мугалим.



Илгиздин сабагынан кийин британиялык эки ыктыярчы мугалимден кабар алганы жөнөдүк.

"29 жылдан бери ыктярчылык менен алектенем. Эртең Амстердамга учам" деген Джим аттуу ыктыярчы айым окуучулар менен бирге сүрөткө тартып алалы десек, макул болбоду. Бажырайган балдардын сүрөтүн тартып, класстан чыга бердик.

Ал эми жатак-мектептин сыртында иш кызуу жүрүүдө. Мектептин бардык терезелери заманбап терезелерге алмашканы дароо көзгө урунду. Реформатор жетекчи Назгүл Мусаева кыялданган "Акылмандар үйү" курулуучу жердеги эски имараттын дубалдарын бузуп жаткан жумушчуларды көрдүк. Футбол аянтчасы бүтөйүн деп калыптыр. Меценат Нургалиев салып жаткан жатак корпус алыстан бой керет. Сүрөткө тартып алдык.

Ишемби күнү экенине карабай мындагы окуу, курулуш иштери үзгүлтүксүз жүрүп жатканы, дем алыш күндөрүнө көнө түшкөн бизди таң калтырды. Анан көп нерсе, туура жүргүзүлгөн менеджментке, жетекчинин демократиялык жетекчилик стилине байланыштуу экенин түшүндүк. Балдар үйүндөгү тарбиялануучулар эч кимден коркпой, келечегине ишенимдүү карап, билим-тарбия алып жатканына күбө болдук. Ичкен тамагы да үйдүкүнөн кем эмес. Балпайган ашпозчу эженин колунан биз да үй каймагын ыпысык нанга сыйпап чай ичтик. Даамын айтпаңыз!

– Директорубуз демөөрчүлөргө кайрылып, балдар үйдөгүдөй колдо бышырылган нан жесин деп, нан бышыруучу электр меш сатып берген, - деди ашпозчу эже.

А.АЛИБЕКОВ, "Кут Билим"



# КЫРГЫЗСТАНДА БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК ПОЧТА КҮНҮ

*Расмий түрдө Бүткүл дүйнөлүк почта күнү жыл сайын 9-октябрда Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун катышуучу өлкөлөрү тарабынан белгиленет. Бүткүл дүйнөлүк почта күнүн белгилөө 1874-жылы Швейцариянын борбору Бернде башталган.*

*Кыргызстан да Бүткүл дүйнөлүк почта уюмуна киргенден кийин 1993-жылдан баштап белгилей баштады. Бүткүл дүйнөлүк почта күнүн максаты коомдун күндөлүк турмушунда почта секторунун ролун жана анын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымын пропагандалоодон турат. Белгилөөнүн алкагында айрым почта кызматтары жаңы почта өндүрүмдөрүн жана кызматтарын жарнамалоо жана жеткирүү үчүн мүмкүнчүлүк катары пайдаланышат, башкалалар – почта кызматынын өзгөчө айырмаланган кызматкерлерин сыйлоо аземдерин өткөрүшөт. "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому, өз кезегинде, почта кызматынын өзгөчө айырмаланган кызматкерлерин да сыйлайт жана Эл аралык эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоону өткөрөт.*




### ПОЧТА ЗАМАНБАП ДҮЙНӨДӨ

Жашообузга жаңы технологиялардын жана гаджеттердин келиши менен коом почта кызматтарынын ролун экинчи даражада катары жаңылыш карай башташты. Ошого карабастан, бүгүн дүйнөнүн почта кызматтары – бул компьютерлешкен жана замандан артта калбаган уюмдар. Жыл сайын почта системасына ишти жөнөкөйлөткөн, ошону менен бирге кардарларды тейлөө сапатын жогорулаткан көптөгөн жаңы нерселер киргизилүүдө. "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому жаңы технологияларды дайыма ишке киргизген жана калкка финансылык кызматтарды көрсөтүүнү өркүндөткөн Кыргызстандын биринчи почта оператору болуп саналат. "Кыргыз почтасынын" планында маркетплейстер менен кызматташуу жолу менен электрондук соода чөйрөсүндө өнүгүү жана башка өлкөлөрдүн почта кызматтары менен бирге өз филиалдык тармагын кеңейтүү.

Жакынкы жылдарга "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому үч багытты тандады: транс чек аралык электрондук сооданы өнүктүрүү, ички рынокту өнүктүрүү жана санариптештирүү. Транс чек аралык электрондук сооданы өнүктүрүү багыты боюнча "Кыргыз почтасы" Кыргызстанга чет өлкөлүк товарларды жеткирүү, ошондой эле ата мекендик товарларды чет өлкөлүк маркетплейстерге чыгаруу үчүн чет өлкөлүк почта кызматтары жана маркетплейстер менен жигердүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүдө. Ошондой эле "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коомунун негизги ишин өркүндөтүү үчүн чет өлкөдө өз филиалдарын ачууну пландаштырууда.

Ички рынокту өнүктүрүү боюнча, "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому тарабынан "Реновация" долбоору иштелип чыкты. Долбоорго ылайык, почта бөлүмдөрүн "калкты тартуу борборлоруна" айландыруу, тактап айтканда аларды кызмат көрсөтүүлөрдүн толук спектри менен көп функционалдуу кылуу пландаштырууда: кичи маркеттер, дарыканалар, кичи КТБлар, маркетплейстерден товарларды кабыл алуу жана берүү пункттары. Аны менен бирге тез жеткирүү үчүн "Кыргыз почтасы" Кыргызстандын түштүгүндө экобайктар менен иштеген "Күлүк экспресс" курьердик кызматын ишке киргизди. "Күлүк экспресс" жакынкы арада республика боюнча иштей баштайт. "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому үчүн башка өлкөлөрдүн өнүккөн компанияларынан тажрыйба алуунун жана алмашуунун мыкты мүмкүнчүлүктөрүнүн бири анын Кыргыз Республикасынын электрондук соода ассоциациясына жакында эле кириши болуп калды. Кыргыз Республикасынын электрондук соода ассоциациясы электрондук соода рыногун жөнгө салуу маселелерине көмөктөшөт, бул өз кезегинде онлайн ишкердиги үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү жана электрондук сооданын керектүү экосистемасын өнүктүрүүнү карайт (ыңгайлуу төлөм системалары, онлайн-кызматтарга жетүү жана башкалар). Бул өнөктөштүк өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү үчүн, анын ичинде онлайн сооданы өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүүгө көмөк көрсөтөт.

### ЭЛ АРАЛЫК ЭПИСТОЛЯРДЫК ЖАНРДАГЫ ДИЛБАЯНДАР СЫНАГЫ

Жыл сайын Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун эгидасы менен Эл аралык эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагы өтөт. Катышуучу өлкөлөрдүн арасындагы Эл аралык дилбаяндар сынагында биринчи орунду ээлеген катышуучу сыйлоо үчүн Швейцарияга Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун штаб-квартирасына жөнөтүлөт. Кыргызстанда дилбаяндар сынагын улуттук деңгээлде "Кыргыз почтасы" ачык акционердик коому Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте өткөрөт. Бул жылы улуттук дилбаяндар сынагынын жеңүүчүлөрүн сыйлоо Бүткүл дүйнөлүк почта күнүн белгилөө менен Жалал-Абад шаарында өтөт.

Сынак кандай өткөрүлөт? Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун секретариаты жыл сайын теманы тандайт жана болжол менен сынак аяктаганга чейин жарым жыл мурун жарыялайт. Бул жылдын темасы климаттык катастрофа менен байланышкан, ал бүгүн планетаны сактап калуу үчүн абдан маанилүү.

Андан кийин Бүткүл дүйнөлүк почта уюмунун катышуучу өлкөлөрү почта кызматтары аркылуу улуттук деңгээлде дилбаяндар сынагын уюштурат. Бул жылы бул конкурска 51 жыл болот. Акыркы 5 жылда Кыргызстан ага жигердүү катышууда.

Эмне үчүн дүйнөнүн почта кызматтары гана бул сынкаты уюштурушат?

Эпистолярдык жанрдагы дилбаяндар сынагын жыл сайын өткөрүү балдарга жана жаштарга багытталган, анткени сынак коомубузда почта кызматтарынын маанилүү роль ойногондугун таанып билүүгө сонун мүмкүнчүлүк болуп саналат. Бул сынактын негизги максаты жаштарда өз максаттарын жана ойлорун калыптандыруу жана билдирүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү болуп саналат, алардын сабаттуулугунун деңгээлин жогорулатат, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана ой көркөмдүгүн өнүктүрөт. Жыл сайын дилбаяндар сынагынын катышуучулары көбөйүүдө, бул абдан кубандырат. Мисалы, 2019-жылы 7727 мектеп окуучусу, ал эми 2022-жылы 17 941 мектеп окуучусу катышышты.

Бул сынакты өткөрүүнүн алкагында баалуу байгелер каралган: биринчи орун – ноутбук, экинчи орун – планшет, үчүнчү орун – уюлдук телефон. Бул жылы улуттук деңгээлдеги сынактын жеңүүчүлөрү болуп: биринчи орун - Аттокурова Гүлгаакы, Жалал-Абад облусунын Аксы районунун А.Жаныбеков атындагы №46 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучусу; экинчи орун - Булутбекова Аймээрим, Жалал-Абад облусунын Ала-Бука районунун Т.Балтагулов атындагы №1 жалпы орто билим берүүчү мектебинин окуучусу; үчүнчү орун - Чапкынчиев Бахтияр, Жалал-Абад облусунын Токтогул районунун Н.Бримкулов атындагы инновациялык гимназия мектебинин окуучусу.

Республика боюнча башкы байге ээлеринен тышкары дилбаяндар сынагынын эң айырмаланган 15 катышуучулары ардак грамоталар жана 500 жана 1000 өлчөмүндөгү акчалай сыйлыктар менен сыйланат, ал окуучулардын атына почталык которуулар менен жөнөтүлөт. Дагы 13 башка сынак катышуучуларына Катышкандыгы тууралуу сертификаттар тапшырылат.



# "ИНСАНГА БАГЫТТАЛГАН ДИЗАЙН" ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ БОЮНЧА ТРЕНИНГ





***2021-2022 окуу жылында "Мектептер-2030" программасы, Кыргызстандагы 100 пилоттук мектепке чейинки жана жалпы билим берүү мекемелеринде "Инсанга багытталган дизайн" ой жүгүртүү методологиясын колдонуу менен биринчи айлампаны иш жүзүнө ашырды.***

2022-жылдын 23-28-сентябрында программанын экинчи айлампасын баштоо максатта, Бишкек, Ош, Чүй жана Нарын облустарындагы программага кирген билим берүү мекемелеринин 340 мугалими «Мектептер-2030» программасынын алкагында "Инсанга багытталган дизайн" ой жүгүртүү боюнча тренингте катышышты.

Тренингдин жүрүшүндө мугалимдер балдарда жана жаштарда билимди, көндүмдөрдү, дүйнө таанымды жана баалуулуктарды калыптандырууда мыкты билим берүү тажрыйбаларын жана чечимдерин өз алдынча аныктоого жардам бере турган "Инсанга багытталган дизайн" куралдары менен таанышты.

Тренингдин максаты – долбоордук ишти так алып кетүү үчүн, дизайн-командаларга конкреттүү көйгөйдү аныктоого жана кызыкдар тараптардын катышуусунда изилдөө жүргүзүүгө багыт берүү.

### ДОЛБООР ТУУРАЛУУ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

"Мектептер-2030" – бул инсанга багытталган дизайн ой жүгүртүү методологиясын колдонуу менен балдардын билимин, көндүмдөрүн, дүйнө таанымын жана баалуулуктарын калыптандыруу үчүн билим берүүдөгү алдыңкы тажрыйбаларды изилдөө жана жайылтуу максатында, 10 мамлекеттеги 1000 (ар биринде 100дөн) мектепке чейинки жана жалпы билим берүү уюмдарын камтыган глобалдык 10 жылдык долбоор. Кыргызстанда долбоор Ош, Баткен, Нарын, Чүй облустарынын жана Бишкек шаарынын 100 мектепке чейинки жана жалпы билим берүү мекемелеринде Кыргыз Республикасындагы Ага Хан Фонду тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ортосундагы билим берүү тармагындагы кызматташуунун алкагында ишке ашырылууда. Долбоордун уникалдуулугу анын окуучулардын билим сапатын арттырууда турмуштук практика, окуучулардын лидерлик сапаттарын арттыруу, сынчыл ойломдорун өстүрүү, өз ара кызматташуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багыт бергендигинде.

Өз кабарчы



Көрүнүктүү психолог, Кыргызстандагы Психологдор коомунун президенти, Кыргыз-Орус билим берүү академиясынын ректору, психология илимдеринин доктору, коомдук жана педагогикалык илимдер академиясынын академиги, профессор Чынара Асановна ШАКЕЕВАны кесиптик майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайбыз!

Баткен окуяларына байланышкан оор кырдаалда бул кишинин жетекчилиги астында күчтүү командасы менен иштеп, жабыр тарткандарга психологиялык жана моралдык жардам көрсөттү.

Чынара Асановна массалык маалымат каражаттары аркылуу да Баткен элине колдоо көрсөтүп, өзүнүн тажрыйбасы, кесипкөй илими менен бөлүшүп, өз элинин чыныгы патриоту экендигин дагы бир жолу айгинеледи. Байсалдуу эмгек жолунда чарчабай, чаалыкпай дагыдагы эмгек өтөп, бараандуу ийгиликтерге жетише бериңиз!

КРББА эмгек жамааты



**Куттуктайбыз!**

Бишкек шаарындагы №19 мектептин директору Гүлзат Курманбаеваны жана анын эмгек жамаатын 5-октябрь – мугалимдердин кесиптик майрамы менен чын жүр кт н куттуктайбыз! Ак эмгегин баар тапкан агартуучулардын иштерине албан-албан ийгиликтерди, бакубаттуулукту каалайбыз!

2 "д"-класстын
ата-энелери

# ЭЛ МУГАЛИМИМ СУЛТАН МАМБЕТКАЛИЕВ ЭСКЕРИЛДИ

***Академик, КРнын Эл мугалими Султан Мамбеткалиевдин 80 жылдыгы илимдин, билимдин, ордосуна айланган Чүй университетинде салтанаттуу белгиленди.***



Султан агайдын 80 жылдыгына арналган салтанатка, «Эмгегим менин – элиме» аттуу илимий-практикалык конференцияга КРнын Президентинин кеңешчиси М. Букуев, К Рнын президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты комиссиясынын төрагасы К. Осмоналиев, Чүй университетинин президенти Б. Эгембердиева, окуу жайдын ректору, профессор Т. Асанакунов, академиктер С. Мусаев, О. Ибраимов баш болгон агайдын замандаштары, кесиптештери, шакирттери, окуу жайдын окутуучулары катышышты.

Салтанатка келген коноктор илим-билим уялган билимкана ачып, аны келечек муундардын билим алуусуна аманат кылып калтырып кеткен Султан Мамбеткалиевдин өтөлгөлүү, өрнөктүү, үлгү болорлук өмүр жолуна, окуу жайдын кечээки, бүгүнкү күндөгү ийгиликтерине, келечегине токтолушуп, агайдын адамдык асыл касиеттерине тиешелүү болгон айкөлдүгүн, мээнеткечтигин, боорукерлигин, кичипейил жөнөкөйлүгүн, тамашакөйлүгүн, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон зор салымын, көп кырдуу адам, таланттуу инсан болгондугун өзгөчө белгилешип, жүрөктөн чыккан жалындуу, көңүлдөн чыккан аруу, жылуу сөздөрүн айтышты, аны абдан сыймыктануу менен эскеришти. Кыргыз тилин даңктап окуткан Султан агайдын асыл эмгеги эч качан унутулбайт.

Данияр ШАБДАНОВ

## Мугалим

Манастын руху, деми кан-жанында,
Улутту улут кылган бийик жансың.
Жупуну кийинсең да жөпжөнөкөй,
Жүзүңдөн нур төгүлгөн - ыймандуусуң.

Баланын жан дүйнөсүн талпынтуучу,
Сыйкырчы жомокчунун бал тилисиң -
Билимге чаңкап турган окуучунун
Дилине жарык чачкан изгиликтин.

Кыялкеч жеткинчектин ойлорунда,
Кыл калем коздук тарткан
сүрөтчүсүң.
Күлүктү таптап чыккан саяпкерсиң,
Намыска жарагын деп сүрөп турчу.

Ашира КУЛИШЕВА,
Ала-Бука району, Кара-Үңкүр айылы

Учитель — не профессия,
А дар, что свыше дан!
Пойди, управься с ребятней:
Они же ураган!
Уже урок — а в классе гам,
Шпаргалки, двойки тут и там.
Всех научи, всем подскажи
И присмотри, и проследи.
С Днем педагога, Вас!
Цветов, и самых теплых, щедрых слов.
Детей послушных, благодарных
И достижений триумфальных!
Пусть каждый миг и каждый час
Судьба балует щедро Вас!
Привносит в жизнь тепло и смех,
Веселье, счастье и успех!
Уважаемая Айжан Нурлановна!
Поздравляем Вас с Днём учителя!
Желаем Вам крепкого здоровья, успехов в работе, счастья в семье.

**С пожеланиями родители 1 «Г» класса №88 школы города Бишкек**



Кут Билим

Коомдук-педагогикалык жана илимий-популярдуу басылма.
1953-жылы 7-апрелде негизделген.

"Кут Билим" медиа борбору

**Директор**
*Кубат ЧЕКИРОВ*
**Тел.: 62-04-86**

**Директордун орун басары**
*Мелисбек СУЛАЙМАНОВ*
**Тел.: 62-04-81**

**Башкы редактор**
*Майрамбек ТОКТОРОВ*
**Тел.: 62-04-68**

**ТЕЛЕФОНДОР:**
**Эсеп-кысап бөлүмү: 62-11-95**
**Секретариат: 62-04-93**
**Редакторлор: 62-11-96**

www.kutbilim.kg

**БИЗДИН ДАРЕК:**
720040 Бишкек шаары, Тыныстанов көчөсү, 257.
**E-mail:** kutbilims@gmail.com
Газета "Кут Билим"
Кут Билим
kutbilim.kg

**Гезит ээси:**
КР Билим берүү жана илим министрлиги.
Индекс 68411. Каттылуу күбөлүгү №166363-3301-М-е
Гезит «ММК колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Буйрутма №1300
Нускасы: 6854 даана.